Сапрг.
П 19

Зинакан Пасацова

# Арыба, Жүрөк



Формуляр книги

473837
Тасанова З.
журок
ос

Зинакан Пасаңова

# Арыба, Жүрөк

(ырлар, ыр түрмөктөр)

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №.....473837

2014

УДК-821.51
ББК 84 КИ 7-5
П-19

Пасанова Зинакан,
**Арыба, Жүрөк.** Ырлар, ыр түрмөктөр, ыр-реквием. - Ош, "Кагаз ресурстары" – 2014-170 бет.

ISAN 978-9967-603-41-78

Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы, Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыктын ээси Зинакан Пасанованын "Арыба, Жүрөк" аттуу жаңы жыйнагында адам жашоосу, тагдыры, тарбия менен бүтүндүгү, азыркы доор жөнүндө ой-туюмдары лирикалуу ыр жанрында баяндалат. Ошондой эле автор өзүнүн туруктуу эне темасына да кайрылып: "Уул төрөгөн энелердин жүрөгү оор" аттуу ыр түрмөгүн улантат.

Жыйнакка жаңы жазылган лирикалык ырлары жана буга чейин жарык көргөн "Сыркеч жамгыр", "Жамгыр тоодон башталат" аттуу китептеринде жарыяланган ырларынын тандалмалары киргизилген.

П4702300200-14
ISAN 978-9967-603-41-78 УДК-821.51
ББК 84 КИ 7-5

# Уул торогөн энелердин жүгү оор
(ыр түрмөк)



## Эне – Шер

**(Ош шаарындагы Курманжан Датканын эстелигинин алдында ой толгоо)**

Эстелик бар, шаардын ээлеп бир бурчун,
Келсем оо бир өткөн күнгө тушуктум...
Камчыбеги дарга асылар кезинде,
Амандыгын уулунун, же эл-журттун,
Таразалап коз ирмемде чечүүгө,
Асыл жүрөк, бердиң, кантип туруштук!

Кантип түттүн жан чыдагыс күйүткө?!
Уулуң мойну сыйыртмакка илинсе.
Ичтен өткөн канды жутуп билгизбей,
Көтөр башты!, - дедиң, - өлүмгө түз тикте!
Эр азамат канжыгада жан берет,
Ата-бабаң өлгөн эмес эч үйдө!

Чыныгы эр бир туулат да, бир өлөт,
Баатыр өлсө эли алпештеп көмөт.
Шейит кетүү көк жалдарга буюрган,
Намыс-арды бийик койгон өмүрдөн.
Кош, жолборсум! Ак сүтүмө ыраазымын,
Эми бизди жолуктурар акырет!

***

Датка эне,
Кантип сезбейм күйүтүңдү жүрөктөн!
Мен да энемин,
Эр азамат болсун деп уул өстүргөн.
Кыйчалыш оор
заман турса өсөр элдин жолун бууп,
Уулдар керек
Кындан суурчу кылычтай курч жетилген.
Көк асаба
туусун жатка тепсетпеске шертке бек,

Намыс-арга
жароо үчүн туулуш керек жигиттер!
Биз, энелер,
перзент үчүн төшөсөк да жүрөктү,
Туу тутсак да,
Аман-эсен жүрсүн деген тилекти.
Ата-Журтту
коргоо үчүн аттанар бир кез келсе,
Жолун тосуп,
Токтотууга жетпейт эч бир кудурети.

Биз, энелер,
Уулга кошуп төрөп тагдыр тынчы жок,
Балдарыбыз
карайлабай жолун таап кеткиче,
Чачтарыбыз
мезгилинен мурда акка боелот.
Ким актаса
Эне сүтүн, элге арнап кызматын,
Адам деген
Ыйык наамга ошол гана ээ болот!

***

Датка эне,
беш уулунду куштай таптап учургансың уядан,
Ата-энени
даңкка бөлоп, баары чыгаан эр чыккан.
Сый-урматын
жана азабын бирдей көрүп перзенттин,
Сыздап жүрөк,
далай жолу сокку жедиң турмуштан.
Камчыбегин
Көз алдында күнөөсү жок асылып,
Абдылдабек,
эркиндикке башын сайып, окко учкан.
Датка эне,
орундалып Абдылдабек керээзи,
Ооганстандан
туулган жерге келди муштум жүрөгү.

Ак жеринен
айдалышып алыс кетти Шиберге,
Мамытбегиң,
Мурзапаяз жана Арстанбек –үчөөсү.
Бул кайгыны
тирүү жанга көтөрүү оор, о азап!
Эне эмес
болсо дагы кара таштын бир өзү.

***

Боюн түзөп
карт тоолордой Датка сабыр тутунду,
Кыймак эмес
кыйын күнгө өзү баш-көз эл-журтту.
Ичке жутуп,
адилетсиз көргөн бардык ызасын,
Көзү жетти:
жалгыз жол бар – ал бейпилдик орнотуу.
Каска кастай
тирешпестен мамилени оңдоду.

Улуу адамдар
болгон эмес бул жашоонун эркеси.
Сыңдан өтүү
сыноолордо улуулуктун ченеми,
Тарых билет,
улуу аялды тынчтык курган журтуна,
Балдарынан
эл тагдырын бийик койгон энени,
Бардык муундан
баасын алат барган сайын бийиктеп,
Курманжандай
Датка эненин, Шер - эненин эмгеги!

***

Датка башы жерди көздөй ийилет,
Ичинде дарт-санаасын, ай, ким билет…
Бир бүлөнүн таш-пишине каржалбас,
Бар эле анда кайраты, күч-кудурет.
Алай жерин карегиндей аздектеп,
Журт башчысы –түйшүгү күч, оор милдет.

Катуулукту жеңип келген жумшактык,
Кылычтан да таамай сөздүн күчү артык.
Акылгойлук менен женген Курманжан.
Кокон ханын жана эмирин Букардын.
Орус паашa таазим кылып таң берди,
Датка деген бийик наамды ыйгарып.

***

Акыйкатты сүйгөн эли Алайдын,
Аял дебей Курманжанды баалады.
Акыл менен адилет журт башкарып,
Атак-даңкка жетти чыгыш аялы.
Кыргыз элден чыккан Датка айымга,
Батыш, Европа таңданышып карады.

Теңчиликти сүйгөн эли Алайдын,
Келин дебей Курманжанды барктады.
Алымбектей асыл жанга жар болуп,
Бекзаадалар кочүн улап таптады.
Кылым бою эл унутпай ардактайт,
Курманжандай аялзаттан Датканы

## Уул урматы

Чалып калсаң, уулум, сурап абалым,
"Чарчабаң, - деп, - Өзүңүздү караңыз?"
Камкор үнүң май сүрткөндөй дарылайт,
Көңүлүмдүн сыздап жүргөн жарасын.

"Апакелеп" төгүп турсаң мээримиң,
Күздөй жоомарт бактылуу го өмүрүм.
Кадыр-сыйы балдарымдын жапартаар,
Калган кезде жашоодон суун көңүлүм.

Кирпигимден аккан жашты тамызбай,
Сооротордү эми издебейм алыстан.
Силерсиңер бийиктетер баркымды,
Кор пенделер басынтуудан айбыккан.

Өзүңөрдү жетелеп көп жоо өтком,
Көчөлөрдөн жөлөй басып экооңор,
Колдон түшсө сынчу назик буюмдай
"Абайлаңыз?" - десе көңүл көкөлөйт.

Уулдарымдын көрүп кызмат- урматын ,
Убакытка баш ийгим жок улгайып.
"Эне" деген ыйык наамга арзыткан,
Бул бактымды кут кыла гөр, Кудайым!

## Кыш элегиясы

Күтүүсүз жаап берди биринчи кар,
Көңүлүм али кышты күтүнбөгөн
Үйрүлүп мага тонун жылуулап жаап,
Уулумдун жылый түштүм мээриминен.

Жаап жатат сабап-сабап апаппак кар,
Кыш түнү зериктирме, сыртта аяз...
"Баягы-ы жомоктордон айтып бериң?"
Балдарым бала чагын эске салат.

Балалык жомок менен бактылуудур,
Турмуштун таанып кийин оңу-түсүн.
Ал кезден эмне калды эстеринде?
Кышпы же ... оор өтчү, жарык өчүп...

Жарыксыз, суук үйдө отсуз калып,
Наристе эки уулумду боорго басып.
Аларга айтып берчү жомоктордун,
Бактылуу бүтчү аягы таң калаарлык.

Азыр кыш ызгаар эмес мурдагыдай,
Жылытат уулдарымдын үйрүлгөнү.
Таптым мен издегеним бул турмуштан,
Өкүмүң жүргүзө бер, Өмүр эми!

## Тилек

Башы көккө жете түшөт энендин,
«Багам, - десең, - Сизди колго көтөрүп».
Бар бол, уулум! Кудай берсин тилегин,
Ошол күнгө аман-эсен жетелик.

Эр жигитке эне багуу кеп бекен,
Бир тиргилик өтөөр көптүн катары.
Энем десен элге коргон болуп бер,
Ошол мени колго салып бакканың!

Калайык-калк жүдөп турган кезинде,
Хан сарайда жашаганын эп дебейм.
Пейил күтүп, бей-бечараны жерисең,
Мен төрөгөн азамат уул Сен! дебейм.

Ата-Журтуң - сен таянар тамырың,
Керт башыңдан бийик койгун намысын.
Акты "кара", "аппак" дебе караны,
Ак ийилип, тайып турса калыстык.

Термеп сени ак бешикке бөлөнгөн,
Элдин уулу болсо экен деп тилегем.
Алдым-жуттум алсыраткан өлкөндүн,
Түшүрбөстөн түндүгүн бек тиреген.

Кара туман каптап калган асманын,
Кузгун-жору тарп аңдышып айланып,
Ата-Журттун керегине жараарда,
Оор болсо да туура жолду тандагын.

## "Жаштык менден кеткенине кейибейм…»

Күрмө кийип, күзгү алдында каранып,
Каада күтөт, жигиттерче таранып.
Жаш өмүрдүн гүлдөөр маалы келди бейм,
Жашчылыкка жол бошотуп балалык.

Боюн сыпаа, кызга жагар күтүнүп,
Ойго арбалып, калчу болду үшкүрүп.
Жүрөгүнө ээлик кылган уулумдун,
Жаш селкини мен да турам сүйсүнүп.

Он сегиз жаш – шамалдай тез, өрт кезиң,
Бул жашыңда даанышман бол дебесмин.
Акыры бир күн адам, турмуш жөнүндө,
Жекс өзүңдүк тыянакка келерсиң.

Көптөр басып өткөн улуу өмүрдүн,
Сага таандык буйурган бир өлчөмүн,
Сен өзүңчө маани, даам, көрк берип,
Кайталангыс кылып жашап өтөрсүң.

Бала экен го көркү өмүрдүн эскирген,
Жаңылантып жашагыңды келтирген.
Жаштык менден кеткенине кейибейм,
Жаштыгымды көрүп туруп өзүңдөн!

## Алыстагы уулума

Бизде агарып таң атканда, сен жак түн,
Биз уйкуга баш койгондо, сенде күн.
Сени ойлоп, күндү-түндү ыйгабай,
сагынычтуу кагат энелик жүрөгүм.

Кең дүйнөдө алыс болуп сапарың,
Кымбаттыгың артып мага ансайын.
Мени күткөн өзүң жогуң ойлосом,
Үйгө киргим келбейт ачып каалгасын.

«Апа!» деген сөзгө ороп илептүү,
Күндө үч маал каттарыңды жөнөтүп,
Билгизбейин десең дагы жоктугуң,
Ээнсиретип турат сенсиз дүйнөм бүт.

Бийиктикти самап күндө сезимиң,
Бул турмуштун ачып жаңы эшигин.
Эрте учсаң да туулуп-өскөн үйүңдөн.
Эл-жер таанып, эрктүү болуп жетилгин.

Күүлөндүрсө жаштык кыял алысты,
Бул жашоонун сырын издеп жаңычыл,
Жолго түштүң күчтүүлөрдү ыйгаган,
Канатыңды алба эрте талытып!

Сапар жолу... Убактылуу бул дагы,
Туулган жердин тартып турар туз-дааамы.
Эсиңе түй: "Өз элиңдин кулу бол,
Болгонунча башка элдин султаны!".

## Бала деп кагам канатым

Оорушпаса балдарым – ойлорум тынч,
Оозуна жем тиштеген болуп чымчык,
Калган күнүн өмүрдүн аларга арнап,
Канатымды талыкпай кагаарым чын.

Күлүп-жайнап турушса – көңүлүм тынч,
Күндө менин Кудайдан тилээрим шул.
«Алдыңарга кетсем», - деп миң айлансам,
Алпка тете кайрат-күч табаарым чын.

Эне-бала жашоонун түйүнү экен,
Сүйүүсүнө эненин не келээр тең!
Эл-журтума өстүрсөм эр азамат,
Ошол баар тапканым эмгегимден.

## Асан кайгы

Уулум, сага айткым келген башка акыл:
"Кең пейил бол, жакшылык көп жасагын".
Көрүп туруп көбөйгөнүн шумпайлар,
"Көрүнгөнгө ишенбе?" - деп какшадым.

Жаш кезинде досторуң көп, билемин,
Ак көңүлсүң, алабарман мүнөзүң.
Арам ойлуу арабызда жок эмес,
Ачпай жүрчү ар кимге эле жүрөгүң?

Берсем дегем сага өчпөс жылуулук,
Баккым келген жүрөгүңө тунуктук.
Бирок, корком: кадам сайын кыянат,
Торун жайып тоорул турат бузуктук.

Кааласам да жалаң гана жакшылык,
Калдым азыр мен аргасыз саксынып.
Ач көз дүйнө, азуулуу бул заманың,
Аябайт го ала көөдөн жаштыгың.

Мүмкүн, мунум асан кайгы себепсиз,
Куру акылды айта берүү кереksиз.
Ак жолуңдан адашпастан түз жүрсөң,
Акыр түбү ак караны жеңетгир.

## Уулум тапкан нан таттуу

Алган күнү эң алгачкы маянаң,
Сатып келдин сүткө жууруп жапкан нан.
Ооз тийдим мен эбеденим эзилип,
Мындай таттуу нанды эзели татпагам.

Балам тапкан нандын даамы таттуу-ов!
Уулдун нанын жеген кандай жакшы го!
Ак пейилден ак батамды берейин,
Арзып тургун ар убакта алкоого!

Алкап-алкап ак батамды берсем деп,
Апаң сага кош алакан жайып тур.
Аман жүрсөң эл ичинде, берекем!
Ак сүтүмдү актаарыңа көөнүм тынч.

Калк ичинде кадыр тапкын, карагым!
«Кимдин уулу?!»,-деп көргөндү тамшантып.
Кыйын чыкса кымбат көргөн перзенти,
Кайсы энеге андан артык бар бакыт?

Күнүм бүтсө мен да өтөөрмүн өмүрдөн.
«Апам –ой!-лоп жоктоп ыйлап турарсың.
Көзүм барда миң айланам өзүңдөн.
Бул жашоодон тапкан жалгыз кубанчым.

Жаратkандын мага кылган тартуусу,
Жандай сүйгөн эки уулум –эки шер.
Мен силерге тилейм өмүр бактылуу,
Тагдыр тилейм жоомарт жана берешен!

## Ак бата

Жолун издеп тагдырына буюрган,
Кең дүйнөгө тобокелчил бой урган,
Аттанаарда алаканым жайылып
Ак жол каалап, бата бергем уулума.

Балам алыс, таза ойлор жетелеп,
Балапан баш барга-жокко бышпа элек.
Булгана элек жүрөгүндө ишенич,
Максаты улуу - аткан октой учсам деп.

Көңүл тынбай сапардагы уулумдан,
Кеп-кеңешим кулагына куйгум бар.
Жамандыктан кыйгап өтүп жаш жаны,
Жүрсө экен деп түз жолунан бурулбай.

Жакшы адамдар болсо экен жан шерик,
Татаал жолдо тайыз болсун кечмелик.
Кыйын күндө кайратынан жанбастан,
Калбаса экен бул жашоону жек көрүп.

Жаратканым узун өмүр буюрса,
Жүрөк толкуп сүйүнөр көп учур бар.
Ким үмүтүн үзүп койсо жеңиштен,
Ошол гана бул жашоодон утулаар.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №...117337...

## Кечир, уулум?

Кечир уулум, куржуну бош, жоо кеттиң,
Эрте татып шорун кара эмгектин.
Балдарыма даяр оокат белендеп,
Байлык топтоп, акча жыйып-тербепмин.

Өмүр сүрдүм ырыскысы таптаза,
Силерге да ыйман тилеп ар качан.
Адал нандын, ак мээнеттен табылган,
Арман болор, акыбети кайтпаса.

Бууп-түйүп жыйнабадым көр оокат,
Таптым бирок эмгегимден сый-урмат.
Эки уулума жүрөгүмдү арнадым,
Мурас барбы тарбиядан да кымбат.

Акыл топтоп, акыры баа берерсин,
"Ак жашапсыз, апа, рахмат!", - дээрсиң
Арманым жок адал колдон көктөгөн,
Татып турсам жемиштин бал момосун.

## «Тар бөлмөдө тоскон кышты сагынып...»

Пенде болсом көзгө түшпөс көп элге,
Эки жанга канат жайган энемин.
Бири-бирибизди демибизге жылытып,
Бир бөлмөдө кыш өткөрүп келебиз.

Жаңы жааган аппак карга сүйүнүп,
Тар бөлмөгө батпай туйлайт балдарым.
Мен алардын тоңгон колун жылытып,
«Оорушпаса...» деген ойдон чарчадым.

Кыш да өтөөр, добул токтоор, кар эрип...
Балалыктай артта калаар баарысы.
Күтүп турар уулдарымды улуу иш,
Алып кетер арбап жолдун алысы.

Учаарсыңар канат күүлөп алыска,
Мен калаармын туурунарды жай кылып.
Хан сарайда жашаарсыңар, а бирок,
Тар бөлмөдө тоскон кышты сагынып...

## Оорукапада жазылган ыр

Өлбө, жаным! Мен уулума керекмин!
Өлүп калсам эркелетип өбөт ким?
Тентектигин, кежирлигин көтөрүп,
Ачынса жаап, түн уйкусун бөлөт ким?

Ким тажабай былдыр тилин уга алат,
Ким чарчабай оюн менен боло алат?
Кимдин көзү тойбой тиктеп кубанып,
Кудайындай, паашасындай көрө алат?

О Жараткан, бала-энени бөлбөгүн,
Балапаным жетилгиче өлбөйүн?!
Ууз сүйүүдөн өксүп өткөн жандар көп,
Жетимдикти балама ыраа көрбөгүн?!.

## «Ыр жазгым келет балама арнап…»

Ыр жазгым келет балама арнап,
Ылайык сөздөр табылбай кыйнайт.
Жүрөгүм толо сүйүүнү кантип,
Төрт саптуу ырга батырып ырдайм.

Кылыгын айткым келсе да эгер,
Керектүү сөздү таба алар белем?
Кымбаттан кымбат перзентим сени,
Сыпаттап берер дарман аз экен.

Сагынып өпсөм бетинден искеп,
Сан гүлдөрдүн жыпары жетпес.
Кучактап туруп кумарым канбайт,
Садагам менин санаамдан кетпес!

Шириним шимип тилине канбайм,
«Апа» деп койсо ааламга батпайм.
Утурлап тосуп келатса чуркап,
Алдымдан чыгат Күн менен Ай!

## Өткөөл доордун балдары

Бала кымбат, көркүн ачар дүйнөнүн,
Эне тошойт бала үчүн жүрөгүн.
Өткөөл доордо төрөлдү ден балдарым.
Өзүмө бүт үйүп жүрөм күнөөнү.

Төрөлдүңөр маалынан кеч, же эрте,
Доор алмашкан опурталдуу оор күндө.
Басып кирип базар экономикасы,
Маяна жок, мукуратып нан сүткө.

Тое электе силер эне жытына,
Мен алыска иштеп кеткен учурда,
Балдай таттуу нан жегениң татыбай,
Балалыгын өттү окутто чынында.

Эзилчү элем телефондон эчкирсең:
«Шоколадың кереги жок! Өзүң кел!?».
Баксам дагы баары-жоктон кем кылбай,
Балалыгың, бирок аттиң, өксүткөм.

Мыйзамдары бузулуп жай турмуштун,
Комп, интернет болду, уулум, оюнуң.
Күттүрөсүң чайың ичпей маалында,
Кат жазышып телефондон уюлдук.

Доорлорубуз болок болгон үчүнбү,
Кээде кыйын мага сени түшүнүү.
Көп кайталап айтып калдым акылды,
«Эл алдында жарык кылгын жүзүмдү».

Кейип турам: төрөдүм кеч, же эрте,
Кемчили көп балалыгың эстесем.
Шум заманда шылуундардын күнү туун,
Бактыдан да бай болууну көксөгөн.

Күнөөмдү жууп тонон келем жүрөгүм.
Күчүмдү үрөп баскан жолуң түздөдүм.
Эр жигитти төрөсө да бир эне,
Элдин уулу болуу - сенин милдетин.

Ат-эненин тарбиясы кетпейт тек,
Муунга сицет улуулардан акыл кеп.
Өз дооруңдун жүгүн талбай көтөрүп,
Адам болуу - ар бир доордо чоң милдет!

## Мекенчил уулума

Жат жазуу. Мектептеги чейрек бүтүп,
Соболу: Келечекте болосун ким?
Жүрөктү жарып чыккан жалын менен,
жазыпсың: "Болом сөзсүз мен мекенчил!"

Бул жообуң жакпай калды мектебиңе,
Мүдүрү баш болуп не жектеди ээ?
Маңкурттай эс-акылы шалга айланбай,
Мекенчил болуп эркин өскөнүңө.

Рас, уулум, Мекенчилдик сезим бийик,
Баары эле кармана албайт аны тутуп.
Абийирлүү, таза жүрөк уулдарына,
Азыр ов! Суусап турат Ата-Журтуң.

Эх, уулум, тунук сезим балапаным,
Жүрөгүң сого берсин эл деп дайым.
Бул улуу күрөш өзү - Мекенчилдик,
Жөнөкөй болгон эмес жолу анын

Элим деп канжыгага баш байлаган.
Эгемен күнгө өзүн курман чалган
Абдыкар, Исхак, Касым, Төрөкулдар
Тарыхта өлбөс-өчпөс аты калган.

## Уулдарыма насаат

Күндөр кандай тез өткөнүн карачы,
Күүлөп канат, талпынасың учууга.
Кыл мурутуң чыгып калды карайып,
Тойбой жүрсөм балапан ууз жытыңа.

Жүрбөстүрбүз жетеленип эми биз,
Жүрөгүмдү тошосом да сага бүт.
Балалыктын уясынан учурам.
Асыл милдет артып сага жигиттик.

Уулум, сени бакыт үчүн төрөгөм,
Багып келдим балапандай бополоп.
Балалыгың өткөн эле бактылуу,
Өмүрдү да сүйгүнчүктүү жашап өт!

Куттуу үйдү жарык кылар чырагым,
Саябандуу бак болор деп турамын.
Адам туулат аркалоого бир милдет,
Ал милдеттин отосүнөн чыга алгын!

Балам, дайым адал нан жеп чоңойдуң,
Ак жашап өт. Ыйман болсун жолдошуң.
Амандыгың ар убакта тилөөгө,
Ата-энең да бешенеңде бар болсун.

## Турмуш санаттары

Тең курбулук издебе мансаптуудан,
Теңине албайт даражаң төмөн турса.
Таң калбагын, кай бир күн тийсе пайдаң.
Намыс-арды унутуп кулдук урса…

Бойлошом деп ойлобо бактылууга,
Бул жашоо ага күндө той, күндө майрам.
Акты актай, караны кара бойдон,
Көрө албайт го бакытка мас болгон жан.

Курдаш болуу кыйын го дөөлөттүүгө,
Ага-иниң тын чыгып жөлөбөсө.
Аш-тойлордо : «Артында кими бар?»- деп.
Карап турат сын тагып жөнөкөйгө…

Алыс болгун ашынган акчалуудан,
Бир тыйындын артынан сая кууган.
Кайдан жетсин адамдын кадырына
Дүнүйөгө кул болуп шору курган.

Жаратканым сактасын кара озгойдон,
Адам дилин уулаган суук сөздүүдөн.
Калган көңүл – тоңгон муз эч эрибес,
Сууган сезим - өчкөн от, кайра күйбөс.

Жолотпогун жаныңа, жүргүн оолак,
Жан күйөрдөй көрүнгөн шумпайлардан.
Мин кубулма жүзү бар аларындын,
Ичи-койнуңа кирүүгө күчүн жумшайт.

Эгерим түк жолуң туш келбесе экен
Бул дүйнөдөн жөө качкан безерлерге.
Жакшы адамдын тиет го шарапаты,
Жаман жолдош кабылтат кесепетке.

Жарык болуп күйүп турсун жылдызың,
Ак жолуңда жайнап турсун ырыскың.
Өйдөдө обок, ылдыйда жөлөк болуп,
Ага-инилер ийнин жөлөп турушсун.

Антка бекем ак ниет болсун жолдошуң,
Аруу сүйгүн, ажырашпай колдоруң.
Ак батасын алган элең апаңдын,
Ар убакта ачык болсун жолдоруң!

## Ырыскылуу эне болгон күн бакыт

Жекшембинин кутман, аруу таңы атты,
Асман бүркөө, болбосо да күн ачык.
Оокат жасап ойгонгончо балдарым,
Ырыскылуу эне болгон күн бакыт.

Дем алыш күн мага өзгөчө кутмандуу,
Дасторконго даам толтуруп эң таттуу,
Бул күнү мен жонжонокой энемин -
үйдүн куту, балдарына урматтуу.

Күтөм ушул жекшембинин ак таңын,
Күндү тосуп, эрте турар адатым.
Мээримине бир үй-бүло жылынган,
Бул күнү мен эң бактылуу апамын.


Арыба, Жүрөк!
2011-2014 ж.

## Арыба, жүрөк!

Жүрөгүм кийинки кез ойго салат,
Бузулуп ыргагынан албуут кагат.
Акактай таза жашап өтөмүн деп,
Арытып алдым бекен, атаганат!

Ишенчээк мүнөз күтүп жаш баладай,
Бардыгын өздөй көрүүм эч калбады ай!
Айыпсыз шагым сынып, маашай чөксө
Жүрөгүм тилинди го далба –далба.

Бошонмуп кайгысына башкалардын,
Күйүтүн жоготуунун мен да тарттым:
Жүрөгүм көторо албай тең бөлүнүп,
Сөгүлүп миң жеринен кабыргамдын.

Эркиндик эңсеп туйлайт сезимдерим,
Эс-акыл кылалбастан кээде ээлик,
Эргисем… турмуш торон жолдон чыгат,
Жүрөгүм эрксиз кайра кишенделип.

Жеңилби бир өмүрдүн жүгүн артып,
Жешилээр акыры бир күн жүрөк байкуш.
Жайынча жашай албас мендей жанга,
Жүрөгүм, түтө билген сага алкыш!

Арыса арыгандыр солгун тартып,
А бирок, баары билет карыбасын.
Согуудан калганынча бырып түшпой,
Сүйүүдөн танбай өткөн сага таазим!

## Быйылкы кыш Ошто сонун, башкача

Кир чала элек кар апаппак, таптаза,
Тоңголок жол "кычыр-кычыр" басканда.
Буурул түндөй бубак каптап калааны,
Оштогу кыш быйыл сонун, башкача...

Улуу жааган карга арзып коңулум.,
Убайым ой түк арзыбас көрүнүп.
Кечки шаарды жай аралап келем мен,
Күйгөн шамдар шоола чачкан төгүлүп.

Темир аяз жүзүм каарып жаланат,
Көөдөндү жууп, аруулантат таза аба.
Баары шашса үйлөрүнө... мен бүгүн,
Кышкы кечке кыялбастан арбалам.

Болду эми, мен да үйүмө кайтайын,
Аяз кыздай кар чүмкөнүп ай-далым.
Кучагымды жайсам, сүйүп бетимден,
"Мынча неге тоңдуңуз?" - деп балдарым.

Уулум жагып печкеге от улуурак,
Күтүп турса, үйдүн ичин жылуулап.
Ызгаар чачып, чилде өкүмүн жүргүзгөн,
Быйылкы кыш мага жылуу туюлат.

## Сентябрь

Сентябрь, сүйүп калдым быйыл сени,
Көөдөндү тазарткансыйт серүүн демиң.
Козголбой койгон жайкы аптапта да,
Жүрөгүм толо музду сен эриттиң.

Сентябрь. Сары кийип өзгөрүлгөн,
Сүрөтүң сыйдыра албай көздөрүмө.
Окшоштук таап турам пейили түз,
Берешен коңур күздөн мен өзүмө.

Сентябрь. Назик мүнөз, оор басык,
Ой-санаам көшүлтөсүң тунжуратып.
Өмүрдүн күзү колун берип турат,
Жашоонун мыйзамы бар эч ким тангыс.

Сентябрь. Барик күүгөн күз башталып,
Бороондуу кышкы күндөр, бирок, алыс.
Жылыткан ишенчимди бүрүп төккөн,
Мен быйыл сага өзгөчө турам арзып.

## Күзгү гүлдор

Күзгү гүлдөр бакчамда, кызыл, сары,
Таңда турсам тостунар чоктой жанып.
Албаса экен үшүк деп аяп кетем
Аяктаарда ноябрь - күздүн айы.

Кушбак кылып көңүлдү, күзгү гүлдөр ,
Кыш алдында кулпуруп гүлдөдүңөр.
Мээрим түшүп, айоомдун себеби бар.
Мен да өтө кечиккен тагдыр күткөм.

Кечигүүнү буйруптур жазмыш бизге ,
Күзгө таяп калганда жарык дүйнө.
Токпой туруп гүлүңдү алаар үшүк,
Кар алдында же калат бүгүн түндө...

Ойлобостон эртеним не күтөт деп,
Болжобостон өмүрүн күн эсептеп.
Гүлүн ачкан кулпуруп күзүндө кеч,
Тагдырлашты өзүмө таптым сенден.

## Алысты самоо

Темир жолдун четинде меймапкана,
Турна моюн көркөмдүү, чакан гана.
Титиретип дубалын өтүп турат,
Тиркеп алып көп вагон поезд бат-бат.

Күпүлдөйт – ов, сүр кылып поезд үнү
Бөлсө болсун уйкумду ушул түнү.
Алып учуп ыштылган дөңгөлөктөр,
Алып кетсин алыска бир үмүтүм.

Поезд өтөт күргүштөп кайра-кайра,
Бала чактын эңсөөсүн эске сала:
Бачым эле бой жетип учсак деген,
Бакыт бизди күтчүдөй башка жайда.

Бой да жеттик, узадык туулган үйдөн,
Жолго түштүк турмуштун бирден-бирден.
Жылдар менен жарышып акты өмүр,
Тирүүлүктүн жеңдирдик түйшүгүнө.

Талпынуудан талбады, бирок, жүрөк,
Закым болуп бак-таалай биз издеген.
Кетким келет поездде дагы эле не,
Кең дүйнөнүн кыйырына мен билбеген?..

О качантан алыска жол чакырбай,
Жашап жүрөм азыр мен жөн гана жай.
Келет мезгил: бакыт - бул өзүмдө дээр,
Кез да келет арылган кур кыялдан.

Жол боюна салынган үйдүн көркөм,
Титиретип дубалын поезд өтөт.
Ушул түнгө туш кылган табышмактуу,
Тагдырыма ыраазымын... Эртең кетем.

## ЭСЭМЭС

Каалоо айткан жаңы жылга эсэмэс,
Карды эритер мээрим төккөн жылуу сөз.
Саптарыңдын арасынан куюлган,
Сагынычтуу сырың окуйм билинбес....

Сулайман-Тоо каректерди талдырып,
Тоо түбүндө жашаган сен бактылуу, -
Жүрөктү не дирилдетти бул сөзүң,
Жыл узатар кышкы кечтин акыры?

Ак-Буура агаар сагынычты сапырып,
Ак кобүктүү шарын уккан бактылуу,-
Эски арманды козгоп кетти бул сөзүң
Эски жылдын бүтөөр күнү акыркы.

Жаңы жылдык каалоон сенин - эсэмэс,
Жыл тогошор маалда келген кечикпей.
Урматташкан достун гана тилеги ак,
Узак жылдар унутулбас сезимдей...

## Сулуу таң

Тазалап кетти дилим таңдын нуру,
Түйүлүп турганымда ызага уугуп,
Маанайым чогорууго жоктур себеп,
Сулуу таң коодонүмо толуп туруп.

Аруулап кетти дүйнөм күндүн нуру,
Арсыз ой мокотоордо турмушумду.
Күнүмдүк көп көйгөйдү унуттурар,
Кызарып чыккан күндү көрүп туруу.

Кубантты серүүн аба эрте күздүн.
Кол байлап турганында түмөн түйшүк.
Берешен тартуусу көп табигаттын,
Бааланбайт, бирок чиркин, бекер үчүн!..

## Элүү жетинчи кыш,
## Элүү жетинчи жаз!..

Февраль узап барат… Келатат март.
Чатырдан эриген кар «чылп-чылп» тамат.
Көңүлүм ала-шалбырт, суутан сезим…
Элүү жетинчи кыш,
Элүү жетинчи жаз!..

Күндөр эх! Күкүм болуп ушаланган,
Кыялдар талпынуудан талды канат.
Өмүрдүн көбү кетип, калды азы…
Элүү жетинчи кыш,
Элүү жетинчи жаз!..

Февраль бүтө электе куят жамгыр,
Февраль бүтө электе гүлдөйт бадам.
Жаз жытын жапым эргий кучактадым,
Элүү жетинчи кыш,
Элүү жетинчи жаз!..

Жаз менин куткаруучум, үмүт байлайт,
Тагдырым не белегин турат камдап?
Жазмыштын өкүмүнөн ким кутулар…
Элүү жетинчи кыш,
Элүү жетинчи жаз!...

## Дарактын арзуусу

Туманын кечип жазгы ак жаандын,
Издедим бир дарагын ээн бактын.
Чырмалып өскөн дешет кош бутагы.
Тургандай сүйүшкөндөр кучакташып.

Дарактын арзуусуна калыщат таң,
Түгөйүн кучагына бекем кыскан.
Шактары шамал ырган моюндашып,
Бул дарак жалгыздыкка согуш ачкан.

Бариктей бириндешип өттү жылдар.
Кош бутак болунбостон оролушкан.
Жамгыр өөп, жел эркелеп, сырдашты ай,
Күү чалып, бутагына конду куштар,

Сүрөттөй бул керемет... ийип башым,
Сезимим суктануудан толкуп-ташып.
Түгөйүн күтө билген түбөлүктүү,
Талчалык тагдыр күтпөй, жаным ачып.

## Бузулган уя

Шамал бузган уя. Кетпей жылуусу,
Чырпыктарын бириндетип чогултуп,
Кайра жасап берсем дагы бышыктап,
Кайтпай койгон кушка көңүл ооруттум.

Карабастан жаңыланган уясын,
Кайкып учуп, жерге боюн ургансып.
Жан далбастайт, кайра таап алчудай,
Жерге түшүп сынган жумурткасын.

Үйдүн бурчун тандап уя токуган,
Басо бактек... адамдардан чочубай.
Басып жатса жумурткасын мээр төгүп,
Жүрөгүмө жылуу сезим толтурган.

Шамал уруп, жылуу уя бузулду,
Балапандар көз жарышпай бул жылы.
Амандашар жазды кайра күтөлү,
Айрылышпай жүрсө экен кош жубу.

Бакыт, кээде шамал бузган уясың,
Күтө албасаң, колдон чочуп учасың.
Кийин канча боорлосоң кайрылбайт
Канаттуудай таштап учкан уясын.

## Жумшактык женери чын катуулукту

Жибидим, жакшы сөздүн болуп кулу,
Жүрөгү таза асылдан насаат угуп.
"Жумшактык жеңет, деди, катуулукту",
Ызамды жута албастан турсам ыугуп.

Жумшактык майдай жагар ар пендеге,
Ийибес ким бар дейсиң жылуу сөзго.
Түкүрүп кеткендерге көзүң жумуу,
Бирок ай, бардыгынан оор нерсе.

Мен өзүм өтө эле жумшак жанмын,
Озунуп орой сөздү айта албасмын.
Жазасын менден эмес, алаар Көктөн,
Тили уу, тилеги таш кыянаттык.

От чыгаар ташка ташты ургуласаң,
Жумшактык жеңээри чын сабыр кылсаң,
Ийитти бул насаатка бир жаш улан,
Ишендим: "Асыл таштан, акыл жаштан".

## Ысык-Көлгө ода
(элдик ырдын мотиви менен)

Жылуулугуң жайкы түн,
Мээриминдей, Ысык-Көл.
Майиндигин Баткендин,
Өрүгүндөй, Ысык-Көл.
Көрк-келбетиң Чыгыштын,
Гозолундөй, Ысык-Көл.
Койколушун мухиттин,
Деңизиндей, Ысык-Көл.
Кеңендигиң ааламдын,
Чексизиндей, Ысык-Көл.
Терендигин кара жер,
Түпкүрүндөй, Ысык-Көл.
Шарпылдагың бешиктин,
Термешиндей Ысык-Көл.
Жылтылдашың тоолордун,
Жылдызындай, Ысык-Көл.
Нурданышың жапаттын,
Үр кызындай, Ысык-Көл.
Ырахатын бейиштин,
Гүлбагындай, Ысык-Көл.
Азгырыгың сүйүүнүн,
Кумарындай, Ысык-Көл.
Атыр жедиң жийдении,
Бурагындай, Ысык-Көл.
Мажүрүмдөй термелип,
Төгүлөсүң, Ысык-Көл.
Сүрөтчүнүн шедеври,
Көрүнөсүң, Ысык-Көл.
Көгоргонуң булутсуз,
Асманындай, Ысык-Көл.
Тазалыгын мөңгүнүн,
Тамчысындай, Ысык-Көл.
Бийиктыгың Мекендин,
Ордосундай, Ысык-Көл.
Кымбаттыгың жүрөктүн,
Толтосундай, Ысык-Көл.

## Ысык-Көл түнү

Кошулуп жайдын түнү коңур, жумшак,
Көлкүлдөп Көл толкунсуз уюп турат.
Асылып жарты толгон Ай үстүнөн,
Албырат, кстүүчүдөй колго кулап.

Кеч түндө сүйөм көлдүн ээн жээгин,
Тунук ай нуруна жууп теребелин.
Толкундар чөгүп жаткан тереңиндей,
Көңүлгө мен да көп ой чөгөргөмүн.

Ысык-Көл, мага сырдуу касиетиң:
Көп буттар кечсе дагы кирдебейсин.
Ак бермет тунуктугуң көзүм арбап,
Арнадым мен да өзүңө акак сезим

Күн келип жолго чыгаар сапарыма
Коодонум тосуп айдар шамалына,
Кыйылсам, көрүшүүгө үмүт улап,
Ысык-Көл назик алат кучагына.

Жашоодо аз болсо да жыргал мүнөт,
Ким сабыр кылса анын ыраатын сүрөт.
Керемет күндөр буюруп Ысык-Көлдө,
Кулпунду кири жуулуп дарттуу жүрөк.

## Көлөкөлөр

Көөдөнүндө табы жок кор пенделер,
Көлөкөгө айланып, көлөкөгө.
Даай албай кароого Күндүн көзүн,
Далдаасында ыраазы жүргөнүнө.

Кырчылдашкан акыйкат күрөшүндө,
Көлөкөлөр безишет жыла басып.
Туура сөздү айтууга жетпей духу.
Жер тиктешет көздөрүн ала качып.

Көлөкөдөй күн көрүү арсыз жашоо,
Көлөкөдөй сүйрөлүп жүрөт канчоо.
Алдашса да адамдар өзүн өзү
Алла Таала алдында болбойт алдоо.

## Келбеген кат

Өз үйүмө чоочун жандай кирдим да,
Үшүп турдум үйүр алышып көнгүчө,
Буюмдар да мисирейип алыптыр,
Мен узакка кетип, кайра келгиче.

Уйкусурап, жа-ай ойгонуп дубалдар,
Боюн жыйрып, менден нараак жылышат.
Качан айткан "жазам" деген катың жок,
Майл агенттин кат куржуну куту учат.

Ал катыңды элестетип, эңсөөдөн,
Ушул сапар жалгыздыгым сезбегем.
Кемегемде от күйгүзүп, шам жагып,
Күткөндүр деп керемет тү сөз менен.

Бизге буйруп кат аркылуу ынактык,
Изгилигин сезимдердин сынадык.
Каттар, каттар... кээде узакка кечиккен,
Кээде тездеп, учургандай кусалык.

Бизди бөлүп жарым өмүр аралык ,
Үн алышкан жүрөктөрдө не айып?!.
Жазчы мага жаздай жылуу сөз арнап,
Күтүүгө аны өмүр бою даярмын!

## Аманат

Издептир ал туура бир ай, он бир күн,
Аманатты өз колума берүү үчүн.
Берип ийген белеги экен бул китеп ,
Унутулуп бара жаткан кишимдин.

Билбеске окшоп үйүм, кочөм каерин,
Не берди экен туюк айтып дарегим?
Тандалмасын мага жакчу акындын,
Таппай турам тартуулаткан себебин.

Барактаарда алдым бир аз өрөпкүп,
Бизди бөлгөн арадан көп жыл өтүп.
Жүз көрүшпөй өтөөрбүз деп ойлогом,
Жүрсө дагы ээлеп төрүн жүрөктүн.

Жакшылыктын жөрөлгөсү бул белек
Жадысынан чыкпай жүрөм ээ, демек?
Аманатты өз колума жеткирген,
Рахмат сага, асыл адам, миң ирет!

Ортобузду бөлсө дагы арсыз кеп,
Ойлобогом куру намысын жеңет деп.
Ысмым атап, ыроологон белектен,
Ысый түштү үшүп жүргөн эт-жүрөк.

## Бишкек

Жол түшүп, айлап-жылдап бир келсем мен,
Жат эмес, койнуң жылуу, шаарым Бишкек.
Жаш элем он жетиде... Баары эсте,
Келген күн, алп тоолордон билим эңсеп.

Таза дил, баео мүнөз жана эмгекчил,
Элеттин тарбиясын алсак да биз.
Басстеп жаш көчөттөй боорго тартып,
Эшигин ачтың дүйнө - акыл жеткис.

Отторуп жымындашкан жылдыздан көп
Ойлоймун жаштыгымдан эскермe деп.
Сары ооз балапандан куш таптаган,
Улуттук билим жыттуу университет .

Ар жолу жаштыгымдын изин издеп,
Басамын жолдорунда жүрөк түтөп.
Тар болмө, беш керебет, бирге жаткан,
Курбулар, көрүшсөм деп жүрөм күсөп.

Өзүңдө өттү гүлгүн жаштык жылдар,
Жетэрлик бир өмүргө эскерме бар.
Жаңырып, таанылгыстай өзгөрсөң да,
Кымбатсың жүрөгүмө, сүйүктүү шаар!

## Акын кыздар

Асолуу сезим күткөн акын кыздар,
Аралаш ачуу-таттуу тагдырынар.
Аялдык бакыт табуу оор өңдөнөт,
Атак-данк тапсаңар да жакшы ырдан.

Үлбүрчөк сезим ээси акын кыздар,
Сүйгөн көп өзүңөрдү, түшүнгөн аз.
Ырысын ыр дүйнөңдүн ылдый тебет,
Жекирүү:"Эх, баары бир аялсыңар!.."

Жүгү оор аял үчүн акындыктын,
Жүрөгүн арамдыктан алыс тутуп.
Өмүрүн ырга байлап өтөм деген,
Өнөрүн өз бактысынан коер улук.

Жашоонун оомал-төкмөл көп го күнү,
Ойт берер ойго салып эчен түркүн.
Сезимди серпип кеткен бир көз ирмем,
Сел болуп ырга айланар акын үчүн.

Кыздардын ыры сыркеч, купуялуу,
Көңүлдү кытыгылап жумшак назы.
Ким сүйсө баалап кыздар поэзиясын,
Бөлөлөп сүйөрү анык аялзатын.

## Кышты күтүү

Коңшу үйдөн отуп жарган доош чыгат,
Келаткан бейм ызгаар күндөр камчылап?
Кыш күтө элек көңүлүмдү кантейин,
Кетсем окшойт жаз айына айылчылап.

Жыйынтырып күүлүп түшкөн барикти,
Узап кеткен күзгө жаным кайышты.
Розалардын бутап бүтүп түбүнөн.
Топурактан мүрзө кылып жаап чыктым.

Камылгабыз кыш утурлап эч бүтпөй,
Кар кабарын берип жатат көп күндөр.
Кулагыма жылуу угулганын не дейин,
Каркылдагы сагызгандын кеч күздө.

Этек-жеңин жыйып-жыйбай күз шашат,
Изин жабаар бүгүн-эртең кар да жаап.
Жапоо ачып жазыла элек ак барак,
Быйылкы кыш босогомдон баш багат...

## "А" тамга

Эски дептер, сыя калем... жазуулар,
Эскермеси гүлгүн ууз жаштыктан.
Болушчумун жалгыз ага жан сырым,
Суурун чыгып түнү жаздык алдынан.

Эски дептер. Жаштык дүйнөм батырып,
Жазчу элем жат көздөрдөн жашырып.
Мен арзыган боз уландын ысымы,
Турар эле "А" тамгага катылып.

А. га арналчу анда бардык ырларым,
А. аттуулар жүрчү өзүнө ыйгарып.
Барагында калың кызыл дептердин,
Калган экен уяң бийкеч жылдарым.

Эски ырларым окуп жүрөк эзилди,
Аяп турдум басо, таза кезимди.
Тагдыр болуп, бирок, мага башка жан,
Ташка урган А.га арналган сезимди.

Эски дептер. Жаап акыркы барагын,
Көзгө тартып өткөн өмүр караанын.
Табаарына өз бактысын талпынган
Тунук кыял жаштыгымды самадым.

## Жан дүйнөмө бекем кулпу салганмын

Тагдыр болжоп, каалаба да, каалагын,
Билүү кыйын кайсыл жолдо барааарың.
Алды жакта не күтөөрү белгисиз,
Табышмак го, башка эмне салаарын.

Күндөлүгүм, жазып жүргөн жашымдан,
Күүсү тааныш, мукам эски кайрыктай.
Көп түйүндүү турмуш сырын чечем деп
Төгүлүпмүн ак баракка, жашырбай...

Анда жашоом оргуп турчу ой бүркүп,
Жазчу экенмин күндөлүктү ар күнү.
Эки-үч барак бетине жык толчу экен,
Эң жөнөкөй күндөрүмдүн ар бири.

Тең тайлашып текеберлүү жазмышка,
Көк беттенип максат көздөп алыска,
Тобокелчил жолдон артка кайтпаган,
Намыс-ар да өткүр экен жаштыкта.

Коңул анда курдаштыкка ак экен,
Адамдардын баары жакшы сезилген.
Жаш өмүрдүн ачуу-таттуу күндөрү,
Жуурулушуп өтүп турчу сезимден.

Күндөр эми жайдакталып калгансып,
Көп болуптур, күндөлүктү жазбапмын.
Жашоо сырын билген сайын тереңдеп,
Жан дүйнөмө бекем кулпу салганмын.

Күндөлүгүң күндө жазгын, жазбагын
Күн бүткөндө сапар карып кайтаарбыз.
Түбөлүктүк боло албас го эч бир ким,
Тирүүлүктө биз аманат жандарбыз.

Көзүң өтсө, күйүт тартаар аз гана адам:
Бир боорлоруң, жакын досуң, өз балаң.
Элесинди кимдер кандай жоктошор,
Күндөлүксүз, жүрөктөрдө сакталган.

## Кечиктиң

"Сени азапка мынча салган деги ким?
Аяп кеттим, - дедиң, - боорум эзилип",
Ырымды окуп, жаш кезимде жазылган,
Аядың ээ, бир өмүргө кечигип.

Машакатын тартуу алгачкы сезимдин,
Энчиси экен тал чыбыктай кезимдин.
Көккө серпип, ак булутка калкытып,
Анан жерге таштап ийген өзүмдү.

Ыйык көрүп адамымды арзыган,
Ал кол жеткис сезилчү эле асылзат.
Тилесем да чоң сүйүүнү өзүмө,
Тилебепмин түбөлүгүн тагдырдан.

Оор басык, токтолгомун азыр мен,
Көңүлүмдүн бөксө жагы бар дебейм.
Балдарымдын кыйбас, ысык мээримин
Бардык улуу сезимдерге теңебейм.

Көрүнсөк да телегейи тегиз жан,
Көкүрөктө жашар,мүмкүн, бир арман.
Убайымга түшүп-түшпө, баары бир,
Уулдарымдын урматына алмашпайм.

## Поэзия

Уздай өмүр максатыма айланып,
Бийигине жүрөк даабай апкаарып.
Ыр дүйнөдөн келем кечип кете албай,
Ышкысына бала кезден арбалып.

Өңгүл-дөңгүл жолун басып турмуштун,
Оо мен деле бир топ чөгүп, сыныпмын.
Башымды өйдө жөлөмөлөп ыр гана,
Үшүк алган жан дүйнөмдү жылыттың.

Турмуш жүгүн арткан сайын көп ооруп,
Жүрөк тез-тез эске салып бар-жогун,
Жарга такап бараткан да, өзүңсүң -
өмүрүмө өмүр кошор жолдошум.

Дары болуп жүрөгүмө ыр жазуу,
Ой-сезимим күү чакырып кусалуу.
Сабы алтын ыр да муңдуу угулар,
Көйгөйү көп заманымда керсары.

Сенден артык жоктой мага жан шерик,
Сөз өнөрү жан дүйнөмө баш келип.
Колго бактым тийгениндей күлүңдөйм,
Керемет сөз жолукканда "жарк" этип.

Поэзия, жолун ачып таланттын,
Дараметсиз даабай турган айылсың.
Төргө өтүүгө буюрган да күн келер,
Улаганда жүргөнүмө кайылмын.

## Шаркырама

Бах, жайлоонун гүлү экен Шаркырама,
Дарыялар көк кашка курчап аккан.
Арча-токой кучактап жашыл төрүн,
Ай-жылдызы жаркырап жарык жанган.

Кийиз туурдук боз үйү эне-атамдын,
Агама өткөн, баары бир козго жакын.
Төрдө жатсам, түндүктөн шыкаалашат,
Бийик тоонун туптунук жылдыздары.

Түндү термеп суу шары шоокумданат,
Жагылган от очокто көздү арбап...
Жаны саалган сүт куюп сунса жеңем,
Балалыктай бал татым даамданат.

Сабаа бышып жеңекем күүлөп тез-тез,
Кымыз жыты боз үйгө синип кеткен.
Жаңы каймак, ысык нан - тасмал көркү,
Ата-эненин мээримин элестеткен.

Шүүдүрүмдү түнөткөн жалбырактар,
Мөмөлөптүр быйыл көп чын карагат.
Кыя жолдор азгырып, ордоп кетсең,
Көбүргөнү, ышкыны буттан чалат.

Чокулары тоолордун тез бүркөлөт,
Кирип келет сабалап мондүр, нөшөр.
От жагылган боз үйдө жамгыр үнү,
Балалыкты эстетип журөк эзет.

"Кызыке" деп айланган карегимден,
Илберинки жеңемдин төрүн ээлеп,
Ага-ининин сыйына жибип көңүл,
Шаркырама, кетким жок мен өзүңдөн.

Жашоодо көп сагыныч өткөн күнгө,
Шаркырама, сен кирдиң жүрөгүмө.
Кусалантып керемет табигатың,
Келер күндү сагынып жүрөйүн ээ.

## Ностальгия

Мырзалыгын бийик келип коп жандан,
Улук башын кичик кылып кармаган,
Классташым, жүрөгүң ак достукка,
Жоктур майрам сен куттуктап чалбаган.

Жылуу үнүң тыңшайм өтө толкундап,
Озүңдү мен элестетип боз улан:
Бир мектепте он жыл окуп бөлүнбөй,
Бүтөөр жылы бир партада олтурган.

Мен жактырып топ балдардын башчысын,
Сен да сүйүп кыздын кара каштуусун,
Бачым өтүп кеткен экен балалык,
Баалацык кеч ал күндөрдүн жакшысын.

Билсең эгер: баары озүмо жетиштүү,
Бирок, бакыт - угуу жылуу созүңдү.
Бир партада олтургандай бой салып,
Балкып алам эстеп бала кезимди.

Жолукканда элжирейсиң айыпсыз:
"Баягысың... Баягыдай назик кыз..."
Күмүш бубак басса дагы чачтарды,
Классташ кыз бойдон сага калыпмын.

Турмуш болбос кайчы түшпөй жолдору,
Биздин тагдыр да ошентип болжолу.
Бул өмүрдүн жаза баскан катасын,
Эми экообүз дос катары оңдойлу.

Үн алышып күкүк менен зейнептей,
Көз көрүшүп, сүйлөшүүчү күндү эңсей
жүрсөк дагы... өкүнбөсмүн. Калуу оор
бир да адамдын жүрөгүндө эстелбей.

## Гүл шаарым
(2011-жылдын жазына)

Гүлдү сүйгөн көңүлүм быйыл шаттуу,
Гүл жайнаган шаарда жашоо ырахаттуу.
Ошту гүлгө бологон жакшы адамга
Парызым ов! деп билем алкыш айтуу.

Ачылган гүл чакырат булбул кушту,
Эрте өчтү эле окон жыл мукам доошу…
Былтыр өспөй калышса өрткө соолуп,
Быйылкы жаз - ажайып гүлдүн доору.

Кызыл-тазыл гүлдөрү чехиянын ,
Кулпурушат калаама жыпар чачып.
Атыр аба тазалап күйүк жытын,
Акырындап жүрөктөн кайгы качып…

Гүлгө бөлөйм шаарды деп максат койгон,
Заман жүгүн ноюбай тарткан оен -
Мырзакматов Мелисбек. Биз билбесек,
Башын ийер урпактар качандыр соң.

Өз шаарынын жан күйөр мэри болду,
Касташкаңды дос кылган элчи болду.
Аталардан мураска алган сымал,
Айрыбасын мэр менен ыйык Ошту.

Эл-журт калыс, бааланат адилет иш,
Элди ойлогон инсанга берет зор күч.
Түшүрбөстөн түндүгүн тошоп ийнин,
Мелисбектей мэр турса Ошум бүтүн.

## Ак-Буура

Күмүштөй түс жакшына,
Суусу тунук Ак-Буура
Шарпылдаса агымы,
Шаани берет шаарыма.

Мөңгү эрүүчү жайында,
Муздай салкын Ак-Буура.
Көпчүлүктү сергитип,
Көлгө айланды жалпыга

Кок ирими оп тартып,
Коркомүндө жагым бар,
Тоодо мөңгү эрисе,
Толкуп агат Ак-Буура.

Аска-зоону аралап,
Албууттанат Ак-Буура.
Ошко кирсе көшүлүп,
Жайлап агат Ак-Буура.

Жайкы аптапта каарыган,
Жайлоо болду Ак-Буура.
Жан-жакасы тосулуп,
Байлоо болду Ак-Буура.

Жээгин бойлоп кафе ачып,
Пайда табат канчалар.
Таш-корумду аралап,
Сууга түшөт башкалар.

Ак берметтей дарыя,
Даңазалуу Ак-Буура.
Оштун көркүн ашырып,
Ага бергин соолубай.

## Түшүмө кирбе эми сен

Күндөргө кайрып учугу менден узаган,
Түшүмө кез-кез киресиң күңүрт жан болуп.
Кусалык эзип эсиңе түшөт окшойм мен,
Айтылбай жүргөн ичтеги арман козголуп.

Оюңа койсом кеткин жок эле өзүмдөн,
Оорутуп жүрөк, озунуп сага "кош!" дегем.
Ошондон башка калбаса керек эч аргам,
Ал үчүн мени миң мертс, мейли, күнөөлө.

Бизге эми "кечир, жаңылдым" дештин не керек?
Бирикпес болуп ортобуз эчак бөлүнгөн.
Тагдырым ушул жамандыр, же жакшыдыр,
Табалбай калдым бакытты издеп өзүңдөн.

Түпөйүл ойго малынтып түшкө кирбе сен,
Түгөйүң менен таттуу өмүр сүрүп жүрсө дейм.
Кезикпейм эми, үмүтүң үзгүн түңүлүп,
Кайрылбайм эми, кабарым сурап издебе!

## Оо. быйыл жамгырды мен эңседим көп

Божолу жаанчыл болот быйылкы жаз
Боз чаңгыл туман кетпей шаарга чөгүп.
Бетимден аяр сылайт майдалап жаан,
Билгенсип турганымды жакшы көрүп.

Март айы жаан-чачындуу, кыяң жүрөт,
Деп тынбай эскертишет синоптиктер.
Оо быйыл жамгырды мен эңседим көп,
Сырымды бөлүшөр ким андан өтөр?! .

Көктөмдүн илебине ким жибибейт,
Жаралган таштан жүрөк болбосо эле.
Күн нуру төгүлгөндөй маанайыма,
Мен бүгүн бактылуудай делбеленем.

Жамгырын каалап турам ушул жаздын,
Көңүлдүн толтурчудай бөксө жагын.
Жаш кездей эркеткен сезимди таап,
Жаз жытын жаным эргий кучактадым.

## Кийик оту Алайдын

Кийик отун жайлоолордун мен өскөн,
Кургатылган чымчымынан чай демдеп,
Ичээримде "бур" дей түштү жыпар жыт,
Эске салып жай күндөрүн тоодо өткөн.

Үйдө сактап арча, чөптүн тутамын,
Айылымдын жашоосуна кусамын.
Узасам да уз кезимде жолум таап,
Унутулбайт туулган жердин туз-даамы.

Жоктотпостон ордун ата-энемин,
Мээрим менен тосору чын туулган үй.
Утурлашып урмат менен алдыман,
Учурашат улуу-кичүү жылуу жүз.

Бул айылда мен таанабас жок киши,
Көзгө жылуу айылымдын ой-түзү.
"Мейман" дешип төргө өткөрүп сыйлаган,
Кымбат экен кыз балага төркүнү.

Кийик отун жайлоолордун мен өскөн,
Кургатылган чымчымынан чай демдеп,
Ичээримде ... "бур" дей түштү жыпар жыт,
Эске салып балалыгым тоодо өткөн...

## Заман

Каргашат бул заманды далай адам,
Кай заман элге женил болгон, качан?!
Көкжалдар көмөчүнө күл тартпаса ээ,
Каржалып турганында калайык- калк.


Жергебиз кудай берген ырыстуу жер,
Бечара болуучудай эмнебиз кем?
Жетет го кыргыз элдин түбүнө, аттиң,
Азуусун  шакылдаткан жемекейлер.

Айланып соодагерге жакшылары,
Сатылып кызмат, билим, баары-баары.
Менчиктеп алып эгер көңдөн келсе,
Көрсөтпөй койгусу бар күндү дагы.

Топ элден бөлүнүштү «тектүүмүн» деп,
Эрдемсип  өз уруусун көтөрмөлөйт.
Адамдын баркын акча баалап калды,
Багы жок калың элге кимдер күйөт?

«Кыргыз!» деп ураан салып кылыч чапкан
Кабылан Манасты эл неге көксөйт.

# Чегинбе, Баткен!
(ыр түрмөк)



## Чегинбе, Баткен

Суусуз какшып, закым жорткон талаалар,
Мээнеткеч эл гүлгө айлантып жашаган.
Баткен жери, мунайым корк-келбетин,
Карегимден өчпөй жүрөт ар качан

Өрүктөрү кургап саргыч жайнаган,
Сууда агып бакта үзүлгөн алмалар...
Күзү ажайып берекелүү өрөөндүн,
Андан көрктүү өрүкзары жазга маал.

Көөндү жайкаар мамилеси куш көңүл,
Күрүчүндөй ширин сөздүү эл көрдүм
Айгүл гүлүн сактагандай ардактап,
Айбат менен коргоп турган өз жерин.

Сох, Ворухтун жолун тоскон сепилдей,
Мекен чегин бир нукумга кемитпей,
Чек арада башын байлап жашаган,
Медеримдей көрөм элди намыскөй.

Баткен ээлеп ой-санаамдын төрүнөн,
Тынч бекен деп түнкү уйкум бөлүнөт.
Азып турган Ата-Журттун жүрөгү,
Азыр ушул бир өзүңдө көрүнөт.

## Жол талаш

Баткен алыс, алыс аймак. Учсаң талар кош канат
Бараттым мен өзбек, тажик анклавдар аралап
Жолу бирге болуп келген тээ илгертен үч элдин,
Ушул жолдор эми ортодо түйүнү бек чыр-чатак.

Жолдон чыкты чек аралаш элдин бүтпөс талашы.
Жол тосуулар араздашса болуп кондум адаты.
Жолоочуну мусаапыр деп барын берип сыйлаган.
Кайда калды карт Чыгыштын акылга мол насааты.

Жолго чыккан тээ илгери азыгын мол албаган,
Жолдон табам ырыскыны деп жөнөгөн сапарга.
Кербен көчү өтүп турчу Улуу Жибек жолунан
Кең Фергана өрөөнүндө өргүү таап данайга.

Оо качандыр таттуу болчу чек арасыз мамиле,
Ош,Фергана, Хожент шаары бардыгына тең эле.
Сулайман-Тоо, Ак-Бууранын аваз кылса коңшулар,
Хожент, Анжиян, Ферганага барчу жолдор кең эле.

Ошол жолдо бара жатып мага чоочун эл көрдүм,
Жылуу түсү өзгөрүлүп, бетке тарткан чүмбөтүн.
Алаканы түздөгөнгө акылгөйлүк жетишпей,
Арага көп от жагышар, алсыз болсо көсөмү.

Сохтон тосту чек арачы, сестүү экен кабагы,
Паспортумду шектенгендей антар-теңтер карады.
Алакандай анклавдан алеки саатта өтөөрдө ,
Мен өзүмдү сезип турдум чет өлкөнүн жараны.

Баткен алыс, алыс аймак, карасаң көз жетпеген,
Ага барчу жол аралап өтөт чоочун, чет жерден
Журт башчылар боло албаса тил билги же кеменгер
Эли жүдөйт жолу буулуп, басмырланып чет элден.

## Гүл өрөөп

Гүл өрөөндө туцуп агат жай
Козу-Баглан суусу акактай.
Суута канган бактын мөмөсүн,
Пакса коргон турат ката албай.

Өзөнүндө жайык Лейлектин,
Өскөн шалы шуудур термелди.
Илегилек моюн кыздардын,
Камыштай түз ноочa келбети

Зайыптары күмүш чачпакчан,
Салынышы жоолук башкача.
Койкойто бууп бийик төбөгө,
Жарашыктуу жибек таптаза.

Сөздөрү гүл майин сүйлөшкөн,
Лейлек эли сылык "сиз" дешкен.
Тандайыңда калат ширини,
Кантек өрүк даамы кетпестен.

Сыр-Дарыя шары терметер,
Исфана шаар далай эсетээр.
Камыктырган буктуу көңүлдү,
Сырын каткан эски көчөлөр.

Көп дарыя агар көлкүлдөп,
Кушум түштү Лейлек көркүнө.
Күмөнүм жок, дагы келермин,
Жолдор турса ачык өтүүгө.

## Чек ара

Чеги болбойт булуттардын жай жылган,
Мейкин асман алар үчүн даңгыр жол.
Жерде гана баары калды чечелип,
Чек араны коргогондор, аман бол!

Шыбак өскөн куу талаа да талапка
Түшкөн кези. Мекен турат алсырап.
Даяр болсун, чек арачы жаш улан,
Далындагы автоматың асынган.

Кайрат берсин тоскондорго көкүрөк ,
Жатка алдырбай укум жерин Мекендин.
Партиялар согушу түк бүтпөгөн ,
Өлкөбүзгө тилейличи эсендик!

## Бүркүт өлүмү

Жашыл жалын жалп өчүп жанарыңан,
Жапыс ташта жан бердин, кыраан бүркүт.
Сени мээлеп ок аткан адамды айт,
Берен өмүр бейкүнөө неймаал бүттү.

Неге кондуң талмоорсуп кара ташка,
Турмуш көргөн көзүңдө кандай сезим?
Бир да учуп көрбөгөн жердик жандай,
Жерден коңул бейпилин издедиңби?


Бир шаңк эттиң асманды чалый карап
Акыркы ирет канатың бир серпилди.
Өмүр-өлүм чегинен өтөөр маалда,
Үюп калды көзүңдө көк элеси.

Жаттың жерде бир жансыз сенек болуп,
Кайда калды шумкардык касиетиң?
А мергенчи коңулу тойбой-тоюп,
Карап туруп энседи тирүү кезиң.

Быт-чыт чыгып мылтыктын үнү менен,
Улуу аңыз көмүлдү көөдөнүнө.
Аны жалгыз өзүмдүк кылам деген,
Дилин кайра жоготуу орттоду не?

Жашыл жалын жалп өчүп жанарыңан,
Жапыс ташта жан бердиң, кыраан бүркүт.
Сени мээлеп ок айткан адамды айт,
Берен өмүр бейкүнөө беймаал бүттү.

# Сыркеч жамгыр
(2001 – 2011)



## Сыркеч жамгыр

Жан билбеген жабык сырым ачуудай,
Жаап кирди жамгыр күчөп катуулап.
Жаанды сүйчү сенин айтып кабарың,
«Тырс-тырс» урат тереземди тамчылар.

Сен да тыңшап тургандыр деп шыбырың,
Жаным жырган уктум жамгырдын ырын.
Көз ачырбай коңөктөгөн нөшөрдөй,
Менин да бар төгүп салаар көп сырым.

Уяң жаштык кимдин баштан отпөгөн,
Ууз сезимдер ушул күнчө өчпөгөн.
Кыз каадасын улук көрүп баарынан,
Күйдүм чокко күнөөсү жок өрттөнгөм.

Түнү бою шоокум салып тынбаган,
Жамгыр, жамгыр! Сүйүү ырын ырдаган...,
Сүйүктүүмө жетпей калган мага окшоп,
Сенде дагы бар окшойбу бир арман.

Төкчү, жамгыр! Кумар канбай тыңшайын,
Мага өзүңдөй сыркеч болор ким дагын?
Сан жомогун бир өзүнө айткым бар,
Жалгыз өткөн жарыгы жок жылдардын,

Сүйбөй өткөн жылуусу аз жылдардын...

## Сүйүүдөн бийик сезим бар

Мага арналган тамчы жашың «тып» тамып
Тил жетпеген албуут сезим күчтү алып,
Жа-ай сурашсак да, сыздаган жүрөктөр,
Түюп турду баарын, баарын, бүт баарын…

«Оорубай жүр! Тилейм миң маал аманын…»
Оо, сөзүңдүн көтөрүш оор салмагын!
Ортобузга өчпөй турган от жагат,
Оюңдагы мага илинген жан тартууң.

Жылдар бизди кезиктирбей сагынтып,
Сен жөнүңдө уккан сөздүн баары ысык!
Кор турмушка майдаланып кетээрде,
Көз көрүшүп тураарыбыз –бул бакыт.

Бала кезден башнестедик. Кирдеткис,
Сүйүүдөн да бийигирээк бул сезим.
Көз жумулуп кеткенимде мүрзөмө,
Көз жашыңдын «тып» тамышын тиледим.

## «Көз мончоктой көркөм эле Ош калаам…»
**(Ош.Июнь. 2010ж)**

Көңүлүм суз, суктана албайм көркүнө,
Мени быйыл таанбассың, Ысык-Көл.
Ата-Журтту майыштырган белинен,
Кандуу күндөр жүрөгүмдөн өчө элек.

Жылдагыдай сызгырса да июль ай,
Толкун ойноп, көлдүн суусу жылыбайт.
Ичтен кайнап, баса албастан толкуңун,
Кайгымды тең бөлүшкөндөй туюлат.

Оштон келдим ок атылып, орт күйгөн,
Кара түтүн каптап турган көп күндөр.
Каран күн ай, кыяматың ушулбу,
Көмүлбөстөн жолдо жатса өлүктөр…

Көз мончоктой көркөм эле Ош калаам,
Көп улуттуу, «сен», «мен» дебей жашаган.
Куттуу шаарга бүлүк салып, ырк бузган,
Кайдан чыкты кара ниет кас-душман!

«Кетпе!» — дебе эрке кыял толкундар,
Силерден да артык көрөр Ошум бар.
Кымбаттыгын кыйын күндө кеч билдим,
Күтөт шаарым. Кош, толкундар, кошкула!

## Ош шейиттери
### (ыр – реквием)

Жараткан ай, шумдугун бул не деген?!
Көр казылса бир күндө жүз-жүздөгөн.
Аял-эркек бир чуңкурга комулсо,
Өз койнуна жер да кантип алды экен!

Кайгы жутуп, ыза өрттөйт көөдөндү,
Өлүмдүн суук мыкчып турса чеңгели.
Эриш-аркак эгиз элдер касташып,
Эмне болуп баратабыз биз деги?!

Тап барандан олду балтыр наристе,
Бычак жеди боюнда бар энелер.
Шейит кетти коргоп элдин намысын
Кыз сүйө элек кырчын улан, кыраан эр.

Шаар тунжурап кийип турат азаны,
Жашаганга жетпестей күч - кайраты.
Шейиттери Оштун баары чогулуп,
«Токтоткула!» - деп наалышып жатабы?

Изин суутуп өрт чыгарган өзөктөн,
Азап тарткан баягы эле калың эл.
Ким кааласа ушул күндү кан күсөп,
Кунун алсын ал дүйнөдө шейиттер!

Улут болгон өздөн чыккан жоо дешет,
Ким корсуңуп, кимге дагы не жетпейт?!
Койнун ачып, элдин баарын тең көргөн,
Өгөйлөбөйт, баарыбызга кең Мекен.

## Кабыргам кайыштырып Ошко кайттым

Сөйкөмдүн бири түшүп Көлдө калды,
«Кетпе!» деп толкун кыйбай жула качты.
Кайыр, кош! Кала турган учур эмес…
Кабыргам кайыштырып Ошко кайттым.

Бул шаарда мага жашоо буюрган соң,
Башына мүшкүл түшүп турган кезде,
Жанымды ала качуу - өлүмдөн оор,
Жаралып калганындай боор этимден.

Кадырын билбептирмин жайчылыкта,
Тагдырын ойлоп азыр түтөп күйөм.
Болсом да өзүм назик, аялуу жан,
Намысым тоодой экен жүрөгүмдө.

Амандык жеңет дешет жамандыкты,
Жүрөктүн акыр бир күн кетер тагы.
Жоготтук төрт жүздөн көп адамды ,
Биз үчүн бул - турмуштун оор сабагы.

Намыска туулуп калган эрлери бар.,
Кыргызым кыйын күндөн далай чыккан.
«Атаңды өлтүргөнгө энеңди бер»,-
Айкөлдүк мурас тутуп алмустактан.

Сөйкөмдүн бири түшсө Көлгө мейли,
Сөйкөдөй кош кулакта эки элбиз.
Жарашып ордо шаарга, ыйык тоого,
Ынтымак жашайлы эми биргелешип!

20.06. - 2.07. 2010 - жыл,
Ош - Ысык-Көл – Ош

## Мен

Көргөнгө мен - жөнөкөй көптүн бири,
Тырмышып тартып келем турмуш жүгүн.
Умтултат учкул кыял кыраан куштай,
Көңүлүм кайт болсо да кээ бир күнү.

Аздырбы, же жетиштүү жолду бастым,
Асыл ой, аруу максат-тилекти арзып.
Айтаарга сөз бериптир мага Теңир,
Ак жолум болбосо да дайыма ачык.

Оюнуна каньш-канбай жаштык чактын,
Өзүмө өтө эрте милдет тактым:
Өмүрдүн бир кемтигин толтурчудай, же
өзгөртүп жиберчүдөй бүт бардыгын

Тооруса торун жайып көрпенделик,
Туткуну болгонум жок тепселенип.
Адамдык ар -намысты бийик койгон,
Азаптын азабын да келет жеңип.

Сүйүүдөн жолум болбой -бар арманым,
Аялдык жылдызым, чын, «жарк» жанбады.
Антсе да ашыктыкты ыйык тутуп,
Ага арнап ыр жазуудан эч танбадым.

Энелик бакыт деген не керемет!
Жеткирдим эки уулумду эресеге.
Эми экөө –асманга учсам кош канатым,
Кош тирек – эгер башым көккө жетсе.

Алыска чыкканым жок Ата Журттан
Энсебейм бейишин да бөтөн жактын.
Жетээрлик эгер сүйсөң өмүр бою,
Жер гүлүн мурас кылган аталарым.

Мен жолго түшкөм эчак кайра кайткыс,
Жүрөгүм толо максат, ойлор асыл.
Тагдырым оомал-токмол оор болсо да,
Мин шүгүр, эл алдында жүзүм жарык.

## Балалыктын изин таптым, өзү жок

Киндик кан тамган айылым –Алай районундагы жердин бейиши болгон. Мурдаш кыштагы.

Балалыгым өткөн жайлоолор: Кок-Дөбө, Колокө-Арча, Туура-Булак, Ак-Башат, Шаркырама, Кайыңды.

Жүрөгүмдө сулуулук менен залкарлыкты сезип-туюумду ойготкон дүйнөдөгү эң бийик зоолор: Бек-Зоо, Ак-Атан, Аска. Бул ырым силерге арналат.

Жайлоодо өтчү ар жыл сайын жайкысын,
Балалыкты таап алчудай ашыктым.
Кыя жолдор -булактан суу ташыган.
Кыз кыялга кез келердей сагынтчу.

Белден ашсам арча жыты «бур» этти,
Булкту жүрөк, бийлеп сезим тил жеткис.
Бала чакка алпарчудай балкытты,
Бир таман жол… Түшкө кирчү энсетип..

Бетегелүү чөптөн укмуш жыт келет,
Бейпилде өскөн гүлдөр түсү өрттөнөт.
Мөңгү этектеп конгон бейпил боз үйлөр,
Шиберге чоккон үзүм булут өңдөнөт.

Оргуп кайнап октоpулуп шар аккан,
Бир тегирмен суу шарылдайт төө сайдан.
Суудай шашып өтүп барат өмүр деп,
Сабыры суз ойлор келет капкайдан.

Тоодо асман күндө бир маал жашыган,
Бүркөө булут түшүп келип чокудан.
Боз үйлөрдүн арасынан жок издеп,
Жай аралап жортуп жүрөт жөө туман.

Баары, баары …менин бала кезимдей,
Канча жылдар өткөнү да сезилбей.
Ба-ягыдай бир калыпта зыңгырайт,
Улуу тоолор баш ийбестен мезгилге.

Ошол кездей чөптөр өсүп ыргалат,
Ошондогу гүлдөр турат жайнаган.
Балалыктын изин таптым, өзү жок,
Өткөн өмүр кайрылбас –ов кайрадан!

## Кышкы ойлор

Кыш чилдеси. Жааган улуу кар.
Жагат мага ушул тазалык.
Маанай күтүп кардай апаппак,
Жашагым бар дайым тазарып.

Барпайышат аппак гүлгө окшоп,
Бубак баскан түркүн дарактар.
Кар алдында калды көп ойлор,
Көкөйүмө тийип бараткан.

Турмушун кур, кээде чилдедей,
Сооктү тепчип ызгаар-бурганак.
Сылабады эч бир чекемден.
Сыноосунан өттүм бир далай.

Көнүлдө от, женет кыш суугун.
Кут төгүлгөн кезим. Көөнүм ток.
Медер тутаар жарым бар туруп,
Мүңкүрөөгө эч бир жөнүм жок.

Айын кеппи?! Эрөөн албаймын,
Өзүмдүн да суук сөзүм жок.
Ардактаарга турса балдарым,
Арман кылбайм. Ага жөнүм жок.

Жагат мага жааса улуу кар,
Жаш баладай малтап кечким бар.
Жан дүйнөмдү дайым жаңылап,
Жөпжөнөкөй жашап өткүм бар.

## «Санаамды эзсең дагы сага рахмат!..»

Тагдырдын жарымы кыш да, жарымы жаз.
Жакшы эле арман -күүгө алдык сыздап.
Санаамды эзсең дагы сага рахмат,
Сүйүүнүн бар экенин унуттурбас!..

Күтүүдө кечтер узап, таңдар арып,
Бал ууртап, уу жуткандай азаптанып,
Жанымды миң кыйноого салсаң дагы,
Жашоомдо сен бар үчүн дүйнө жарык!

Түбүнө ким жетти эле тирүүлүктүн,
Түңүлбөй жашасам дейм үмүт сүйүп.
Сары оору жан сырымды түндөр угар,
Санаамды сүрүп атат таңдар күлүп.

## Чыңгыз Айтматовго
## 10.06.2008ж.

Жараткандын бул буйругу шумдуктуу,
Кара жерге кантип кыйды Чыңгызды!?
Миң жылдарда туула турган бир жолу,
Мыкты уулунан айрыды го кыргызды.

Көрүппөдүм, бирок көрдүм жакыным,
Жүрөгүмө жетип турчу акылы.
Олуядай ою терс-ең сөзү айтчу,
Асылы эле адамдардын, асылы!

Акыл-ою чалкып жаткан көл эле,
Даанышмандык андан бетер төп эле.
«Атыңды бил! Тегиңди бил!» -деп өттү,
Манкурттукту ыраа көрбөй элине.

Бүт өмүрүн арууллукка арнады,
Жан дүйнөнү тазартуудан талбады.
«Адам уулу Адам болгун!»- деп турат,
Айтматовдун ар бир китеп каарманы.

Тирүүлүктү кор тутабыз көп пенде,
Өлбөстүктү берген аздын энчине.
Өлбөйт, Чыңгыз! Классикке айланып,
Бүт дүйнөлүк адабият кенчинде.

## Жазгы кайрык

Иштемин.
Бийик кабат.
Буруксуп сирень жыты,
Шыбырап жамгыр доошу,
Адашып сыртта калган эрте менен.
Кабинет тынч,
Ойлордун сүрү баскан.
Телефондор чырылдап кыска-кыска,
Шашылыш кабарларда алгап- берген,
Башкачараак сүйлөнөт жаз!
Башкачараак айтылып таржымалы:
- Аман бекен айыл-апа?!
- Райондордон кабар барбы?!
- Сел алыптыр кайсыл жакты?!
- Жардам?
- Жардам!.. Жардам!!!
Шашылыш билдирүүлөр,
Шашылыш жоопту күтөт.
Так, бүйро болсун сөздөр,
Тагдырын элдин чечээр…
А көздөр,
Алаксыба терезеге?!
Сызылып сирень жыты,
Шыбырап жамгыр доошу,
Азгырып алып кетет,
Ээрчитип кабинеттен…

## Турмуш өзү кылат экен даанышман

Жамгыр куят кара жерге чабылып,
Аба таза… жазды ээрчитип ашыккан.
Жаанды тыңшап, жолбун ойду качырып,
Мага бүгүн үйдө олтуруу бакыттай.

Бийлеп түшүп тамчылары асмандан,
Ушул жамгыр жаз шаанисин баштады.
Жа-ай көңүлдү жарып өтүп чагылган,
Кусалыкты кайра козгоп таштады.

Баар демине жагалданар маанай жок,
Бирок, ага капаланбайм, камыкпайм
Түтүн берсең түйшүгүнө мокобой,
Турмуш өзү кылат экен даанышман.

Үйдө жатам тыңшап жааган жамгырды,
Эзип жаады эки-үч күн басылбай.
Шуру тамчы үзүлгөндой тып-тып таамп,
Өмүр дагы өттү шуулдап бачым-бат

## Күзгү маанай

Саратандуу маанай күтүп жүрсөк биз
Сары убайым санаа болуп келди күз,
Суз ойлорду «дуу» учуруп үркүтүп,
Сүйгүм келди мен бирөөнү күтүүсүз.

Көөдөн болбош. Санкын көңүл ээлеген,
Не кечигет «сүйүү» деген керемет?!,
Жабалактап жанды эзген ойлорум,
Алтын күздүн сулуулугун сезе элек

Соолуй элек гүлдөр үшүп түнкүсүн,
Кыроо тонгон желекчелер бүрүшөт.
Суукту сезбей жалгыз гана кыз-жигит,
Түн күзөтүп сейилдешип жүрүшөт.

Жалбырактар жапырт жаап күбүлүп,
Жай каалгыса сабагынан үзүлүп,
Жаным ачып карай берем аеолуу,
Узатканга өмүрдүн да бир күзүн.

Озүмо өзүм окшото албай турам бул,
Күз көркүнө кайдыгермин не быйыл?
Жүрөгүмдө түнт сезимди түнөтпөс,
Сүйүүгө мен кабылсам ээ бир укмуш!

## Мен баймын

Мен баймын, жүрөгүмдө ыйманым бар,
Алысмын байлык, бийлик кумарынан.
Тагдырым тартуулаптыр мага бакыт,
Тапсын деп жашоо сырын ыр жазуудан.

Мен баймын, колдон түшпөс калемим бар,
Жан дүйнөм ырга айланып ийип турар.
Жанды үзип жай албастан жашап келем,
Жазсам деп жакшы ырларды өмүрү узак.

Мен баймын! Өлбөс-өчпөс өнөрүм бар,
Жүрөккө жете турган сөздөрүм бар.
Өтсөм да бул дүйнөдөн… Кайра окулчу
Ыр болуп кайтып келер кездерим бар.

## Каргыш

(Күйөөсү ичкич аялдын арманы)

Мен өмүрдө эч бир каргыш айтпагам,
Мен эч кимге кылбаганмын жамандык.
Жай жашоомду тозокко бүт айлантткан,
Каргыш сага, «арак» деген арамдык!

Асыл болчу балдарымдын атасы,
Акылы мол, укчу жашы-карысы.
Арак бузду адам кейпин аеосуз,
Апан бузду бир үй-бүлө бактысын.

Ак көңүлдүк кайра өзүнө болуп кас,
Азгырылды ичкиликти жеңе албай.
Жапжаш туруп бүт түгөнүп бааратат,
Жашоодогу башка жыргал көрө албай.

Мас болгондо үйдүн бузуп тынчтыгын,
Күндө уруш, ар күн сайын чыр чыгып.
Чыдайт элем бардыгына, бир гана
Уккум келбейт балдарымдын зар-ыйын.

Көрүш кыйын уул-кызымдын көз жашын
Ичкич ата - алар үчүн муң-кайгы.
Теңтуштардын арасына кошулбай,
Кемсинүштөн өтөөр дагы кейиш барбы.

Айбандан эч айырмасы жок сымал,
Араң жүрсө акыл-эси тумандап,
«Ата –баба наамына шек келтирбе!»,
«Абийир сакта!» -деген сөздү ким угат.

Уругуна наалат айтып көргөндөр,
Ага-иниси, эже түшүп койгөйгө…
Арган кетсе акаарат да айтасың:
«Адамча бир өлсө экен өлгөндө!..»

Бакпаса да бизди бөлөп жыргалга,
Бакыт эле балдар турса муңканбай.
Бек мүнөздүү, бөлүү эрге жар болуп,
Багы ачылган аялдарга суктанам…

Бирок, бирок… бактылуу аял экен кем,
Башын кошо ичип койгон эркек көп.
Түтүн жыттуу айыл арак жыттанып,
Тазалыктан кол жууп калар күн келет.

Тоодо дешчү тупуктуктун бүт баары,
Туулган-жердин тартып турчу туз-дааммы.
Оомат кетип онтоп турат эми айыл,
Акча менен арак женип ыймандьы.

Каргыш сага, «арак» деген арамдык!
Кошо жүрөт сени менен жамандык.
Арак жасап, арак сатып байыган,
Биздейлердин каргышына кал анык!

## Көл жээгинде жаккан от

Сен тутантып жаккан таптуу отуң ай!
Коорук болуп үйлөйт аны толкундар.
Жалын аймап кара түндү качырса,
Учкун ыргып, көлгө түшүп, өчөт бат.

Отту тиктеп, арман чөккөн карегиң,
Ойго терең жан сырыңды түйгузат.
Чычаланы улам койсоң ичкертип,
Колдоруңдан келет мага ысык тап.

Издегеним өзүң болуп сезилдиң,
Бирок, мынча жашоодо көп кечигүү?!
Табышсак да таалайыма буюрбай,
Тагдыр, дагы алдыңбы бир өчүңдү!

Сур булуттар чөгүп көлдүн бетине,.
Сүрүн артып жаалданат толкундар.
Суугун жеңип сөөктөн өткөн кеч күздүн,
Сен тутантып, таптуу жаккан отуң ай!

## Сулайман-Тоодогу жаз

Пуштуу-кызгылт гүл ачыптыр бадамын,
Кырга конгон үр кызындай ажайып.
Жаш кезимдей өрөпкүттү сезимди.
Жаз жыттанган абадагы тазалык.

Байчечекей издеп келди чуркагым,
Кары жаңы кеткен бийик кырды ашып.
Жүрөгүмө чөккөн сырды түшүнүп,
Жүзүмдү өбөт шамалындын муздагы.

Кайгы-муңум айтпайм. Айтып не керек.
Капамды жазаар сендеги улуу касиет.
Каат күндөрдө кайрат издеп өзүңдөн,
Каалап бастым жолдорунду миң ирет.

Бадам гүлүн көздөрүмө сүртүнүп,
Бешенемден аяр сылайт бир үмүт.
Эмки жаздын гүлүн көрүү буюрсун,
Эки келбес өмүр кыска, үч күндүк.

Сулайман-Тоо ордо шаарга жарашып,
Атың уккан жандын баары сага ашык.
Арзып чыккан бийигине адамдын,
Айдап салат чарчоолорун жел аргың.

Конүлдөргө канат байлаар бийиктик,
Унутулуп кол байлаган тиргилик,
Бадам гүлүн кирпигине тагынган,
Сулайман-Тоо - жүрөктөргө сүйгүнчүк!

## Арноо

Өзүмдү издегенин кандай жакшы!..
Өтсө да далай мезгил арабыздан.
Эх, курбум, сүйлөшөлү черди жазып,
Эстейли жаштык кезди жалындаган!

Оо. аны мезгил эч бир өчүрө албас,
Жаш курак, шок кыялдар эсте турат.
Жазылып жүзүбүздүн бырыштары,
Шарактап күлөлүчү бүгүн жыргап.

Качандыр беш кокул кыз сырын каткан,
Күндөрдүн табышмагын жандыралы.
Жашыруун колго тийчү арзуу каттын
Авторун эми ачык айтышалы.

Курбулук сезилчү анда түк бөлүнгүс,
Турмуштун сан жолуна бирден түштүк,
Бийкечтик кереметтүү кезди кийин,
Тамшанып эстээрибизди кайдан билдик.

Көп эле биз көздөгөн максат-тилек,
Жеткирбей өтүп барат өмүр -күлүк.
Көңүлүм тоюп турат, бирок, курбум,
Бак күткөн соолотүнө байбичелик.

Өткөрүп далай жылды арабыздан.
Өзүмдү издегениң кандай жакшы!..
Эстейли жаштык кезди жалындаган,
Эх, курбум, сүйлөшөлү черди жазып!

## Жалгыздык мага дептерим толо ыр болду

«Адашты, - дешти, - адашты жазып-жаңылып,
Бактысы тайды, ушул го күнү батканы…»
Ок болуп тийип онтоткон уулуу сөздөрдөн,
Башымды бийик көтөрөр намыс күч-таптым.

Жыгылсаң жөлөп тургузар адам аз тура,
Жылмайган болуп кылтыят башы жыландын.
«Жалгызсың, кызым», -дечү эле апам жан кейип,
Жалгыздык –мага жазасы беле Кудайдын.

Муңумду угуп, көз жашым сүртөр куюлган,
Кең пейил эже, тил билги сиңди буюрбай.
Сырымды айттым калемди шилтеп кагазга,
Сезимди жеңип, жүрөккө батпай буулуккан.

Караңгы күндөр катары менен суюлуп,
Туюктан чыктым ырларым менен суурулуп.
Оюма ою, дилиме дили топ келген,
Окурман таптым, жашоомо берген жылуулук.

Жамандык болбой, жакшылыкка жок орун,
Ойлопмун бекер жалгыздыкты деп «оору».
Жалгыздык мага ичимде толо сыр болду,
Жалгыздык мага дептерим толо ыр болду.

## Кала берсин ортобузда жолдоштук

Бизди ошондо сүйүү пири колдоптур,
Ортобузда сүттөй таза жолдоштук
калбаганда… Жолугушсак эми биз,
Сага минтип жүзүм жарык болбостур.

Күндөрүңдө сүйүүгө мас жаштыктын,
Кимди делбе кылбаган го ашыктык!
Мен деп күйүп дегдегендер ичинен,
Сенин тере-ең ызаатыңа арзыпмын.

Сүйө тиктеп, көзүңө жаш топтойсуң,
Ушул күнчө ысык көрөт окшойсуң…
Махабаттан кымбат экен кыйбастык,
Кала берсин ортобузда жолдоштук!

Таза бойдон кала берсин ортобуз...

## Калемдештер

Ызгаар сууган кыш чилденин тоготпой,
Ыр окуштук топтолушуп топ акын.
Кокой кести көр оокатты унутуп,
Ыр угуунун ырахаты… Оо таттуу!

Агарды го биздин көңүл бир бүтүн,
Ырга түткүс өкүнүч, муң эч жоктой.
Көпкө умтулуп, азга жеткен өмүрдү,
Көк шер сездик кок Асаба орнотор.

Дымагыңар дүйнөнү да багынтаар,
Дымып неге жүрдүк экен Акындар!
Каректерде өчкөн отту күйгүзүп,
Калаар өлбой артыбызда жакшы ырлар…

## 50 жашыма

Токтоолукту мынча эрте чакырдым,
Токтолор кез келбөөчүдөй шашылмын:
Токсон күүлөп, тогуз кербез бир чалып,
Тынчымды алса шок күндөрү жаштыктын.

Жарашпайт эч эми мага «жашмын»,- деш,
Өкүндүрөт кол жетпеген көп иштер.
Албан максат артынан кууп жете албай,
Айтам кантип: «Туура жашап өттүм»,-деп.

Өткөн өмүр бөксө жерин билдирет,
Баары үчүн жооп берер да күн келет.
Бүгүнкүмдү эртеңкиге калтырып,
Жиксиз кеткен  жылдарыма ич күйөт.

Тексссин деп чалагайым эс-учун,
Түздөш үчүн катасы көп турмушун.
Тирүүлүктүн кадырына жеткизген,
Элүү жашты бардык жанга буюрсун!

Жаңы туулган жамалы ысык айга окшоп,
Жаш кыялдар жарык кылган жол күтөт.
Батаңарды бергилечи баарыңар,
Ошол жолдун өтөсүнөн чыксын деп!.

## Ниет

Бошоткула эми мени сар-санаа!
Убайымдуу күндорүмдөн качайын.
Мага келээр жакшылыкты утурлап,
Жүрөгүмдүн эшигин кен ачайын.

Кутман таңды тосоюнчу сүйүнүп,
Таң шоолага куштарланайын.
Алыстагы дос –курдаштан кат күтүп,
Мен да жообун тездеп жазайын.

Өктөм турмуш тыйбаса да сынагын,
Өмүр баркын билип калган курагым.
Кейигенден толбоду эч кемтигим,
Жашайм эми ар бир күнгө кубанып.

Жаштыгымды жадыны жок өткоргон,
Жерип турам жашык, уян өзүмдү.
Күто албастан чон сүйүүнү бир келген,
Кызыгы жок сүрүпмүн кыз өмүрдү.

Жебе болуп атылбастан мелженген,
Жай келипмин максатыма көздөгөн.
Аман болсо алтын башым…Мен эми
Жарык жанып жашаганды үйронөм.

Аялмын, чын, ташпаган өз бакытын,
Арман кылбайм жазмышыма акындык.
Өксүү тагдыр өчүн алып ыр менен,
Айныгым жок ак жолумдан беттеген.

Качкыла эми менден ойлор карангы,
Күндүн бетин тоскон булут тарагын!
Муңу арылбас пенде болуп бир байкуш,
Бүтүргүм жок өмүрүмдүн аягын!

## Элегия

Ана-мына кирип келер бакыттай,
Мен сүйүүнү күтчү болдум кыщы-жай.
Элбе-делбе сезимдерсиз эргүү жок,
Эчен ырым токтоп турат жазылбай.

Көп тартсам да махабаттын азабын,
Ак сүйүүнү ыйык көрүп жашадым.
Кайран өмүр кейиште өтүп кетпесин,
Келчи издетпей, кадырлашар адамым!

Сенсиз күндүн мээрими да сезилбей,
Сенсиз дүйнө тумандуу күз кечиндей.
Күнүм өтөт көшөрлөнүп түгөйсүз,
Көңүл сүйбөс канча жанды теңсинбей.

Жүрөгүмө жарык чачар барбы адам?!
Күтөм аны күнүмдүкко багынбай.
Каруу-бойдон кайрат кетип баратат,
Бирок, сезим гүлгүн бойдон карыбай.

## Ысык-Көл

Кусалантып көздөн учуп көк түсү,
Келдим Көлгө күндөрүндө кеч күздүн.
Ээн жээкте эргүү батпай көөдөнгө,
Эстен кетпес эңсөөм менен көрүнүтүм.

Кандай сулуу! Карасаң да кайсы убак,
Таңда башка, күндүз жүз маал түс бурат.
Күткөн жандай эрээркеши… Эх, чиркин!
Күүсү күчөп, чайпалганы катуулап.

Көлдү көрсөң күздө көр да, кышта көр,
Көк ирими күндөй таза мөлтүрөп.
Карагандан тойбой турам, аттиң ээ-
кучагыма бекем кыссам өпкүлөп.

Жүдөө эле көңүлүмдүн оор жүгү,
желдей айдап… Жеңилдеген кезим бу.
Азык болсун алып кетем өзүңдөн,
Аруу, тунук ойлор менен сезимди…

## "Кары кирсиз каардуу кыштын бул кечи..."

Өмүр дайым жоомарт эмес. Экөөбүз,
Эми мүмкүн жолугушпай өтөөрбүз.
Бирок, ушул кышкы кечтин жарыгы,
Ишене албайм көкүрөктөн өчөөрүн…

Алды жеңип мени айткан бул сөзүң:
"Алтын жашты байлап бербес бизге эч ким.
Ача жолдо "аттиң" детээр эртеңки күн,
Арман болгус өткөрөлү бул кечти?!".

Калдым, калдым бул сөзүңдү кече албай,
Сен деп ойлоп кадырыма жете алар.
Кары кирсиз каардуу кыштын бул кечи,
Кайып сезим кайдан мага түш келди?!

Өмүр дайым жоомарт эмес. Экөөбүз,
Эми мүмкүн жолугушпай өтөөрбүз.
Бирок, ушул кышкы кечтин жарыгы,
Ишене албайм көкүрөктөн өчөөрүн…

## М…га

Мейли, мени «жек көрөм» деп ынангын,
Мен да сени «жек көрөм» деп айта алам.
Балдарыбыз башка бүтүм чыгарар,
Бой жетишсе… биз кетирген катадан.

Жол башында жолукпасак жакшы эле,
Жолуккан соң жаңылышып калдык не?
Кадыр-көңүл кайра жууса агаргыс,
Кастан бетер каршылашып алдык ээ?

Жетсе жетсин башың бийик булутка,
Ортобузда перзент барын унутпа!
Апасы үчүн өз балдарын кектеген,
А кургурум, улуулугуң жок тура!

Уул-кыз төрөп, уругуңду улаган,
Эне ыйык, ыйыктыгын кор тутпа.
Аял кордоп, алгың келген өчүңдү,
А бечарам, айкөлдүгүң жок тура!

## Ыр сүйгөн мырзага


Ишке шашсам, тузак коюп алыстан,
Имерилип тиктеп өтөт бир мырза.
Ичти ысытат ийменинки саламы,
Илебинде сүйүү бар да, бар ызаат.

Качан, кайдан көрдүм эле? Ким эле?
Тааныбастын тартаарым чын айыбын.
Бирок мага жагып турат, эх билсең!
Таанылбастан табышмактуу калышың.

Жактырган көп, дегдеп арзып жүргөн бар,
Мени эмес, мүмкүн, ырым сүйгөн бар.
Турмушта түйт, купуялуу жан дешээр,
Бирок,- ырга ынактарга жүрөк зар.

Мени эмес, ырларымды сүй, жаным!
Бир сабынын миң кадырын бил, жаным.
Ыр көтөрөр көкүрөктү булутка,
Ыр кетирээр көңүлдөрдүн кир жагын.

# Жамгыр тоодон башталат
(1980-2001)



## Туулган үй

Биздин эски үй.
Жок, эски үй эмес ал азыр –
Баео, момун балалыктын музейи;
Ошондогу үндөр, боек, адамдын
Бүтүн бойдон сактап турган келбетин.

Эшик ачам балалыгым утурлайт,
Көздөрүндө жалап жашоо шаттыгы.
Өмүрдөгү эң бир тунук жаркырак,
Кыял, сезим аңы менен бактылуу.

Амансыңбы? Неге сенин алдыңда,
Өтө кары сезип турам өзүмдү.
Бул турмуштун басып өтүп бүт чегин,
Кайтканымдай артык көрүп өз үйүм.

Ооба, дүйнө биз качандыр жомоктоп,
Ойлогондон татаал жана коозураак
Экендигин сенден кантип жашырам,
Кармап көрдүм бакыт, кайгы колунан

Күттүрүп, же капысынан бир келген.
Өздөй көрүп жашап келдим жат жерде,
Мээрим, сүйүү, жылуулук таап өзгөдөн,
Бирок дайым кемип турчу бир нерсе.

Дарбазанын кыйчылдагы жел өпкөн,
Селт эттирип эске салчу бир ырды –
Энем мени уктатаарда терметкен
Бешигимдин тыкылдагын унуткус.

Укпай кантип кое алайын чакырган,
Апакемдин добушундай бир үндү,
Сени күтүп, тосуп турар ар убак,
Туулган үйүң бар экенин билдирчү.

Эң байыркы карыядай салмактуу,
Адамзаттын акылынан кабардар,
Болсом дагы атам бизге айтуучу,
Насаат сөзго таба албадым барабар.

Таанынып ал, мен төрөлгөн ушул үй,
Ыйык, кымбат үн, түстөрдүн, адамдын
Жылуу элесин сактап турган бүтүндөй.
Мен алардан алам дайым башталуу
Жана Мекен деген улуу түшүнүк.

## Атама

Колот толо мөлтүр тунук булактар,
Булак жээктен терек экчү бир адам.
Булак ырдайт, мырза терек шуулдайт,
Ал адам жок, жаткан жери кабырстан.

А кабырстан түшкө кирет кээ түнү,
Сагынганда энсеп ата ыраңын.
Тирүүсүндөй кулак кагат утуру:
"Жупуну бол, жупуну бол, чырагым!.."

Жаш өмүрдү жеке ийниме көтөрүп,
Бул жашоонун алап татсам ырысын,
Камтамалуу дале тиктейт көздөрү,
"Жөнөкөй бол, жөнөкөй бол, жылдызым!".

## Жолдо

Бөтөн жер, бейтааныш көрүнүш,
Белгисиз турмушту күтүшкөн.
Капсамбы көздү жуумп, тобокел,
Тагдырым издөө үчүн өзүндөн.

Кимдигим, кечээгим дайынсыз,
Бул жерде мен эч ким эмесмин.
Кайрадан кармашка бел байлап,
Кайрадан төрөлүүм керектир.

О билем, оңойго бул түшпөс,
Жакынсып ысмымды ким бирөө,
Айткыча жып-жылуу көңүлдөн,
Ишенип, түз тиктеп көзүмө.

Узагып дилимде жатталган,
Өзүңдү кыярмын да бир күн.
А анан дагы бир жат жердин,
Түнүндө эңсээрмин эзилип...

Бул кыял. Өтөмүн жол улап,
Бөтөн жер мен сендик боло албай.
Ич күйөт, а балким, койнуңда
Жашайттыр мен күткөн бир таалай.

Баары бир токтолуу жок эми,
Көңүлгө бир максат чегилген.
Мен аны, ал мени жетелеп,
Келебиз бул жолдо бөлүнбөй.

## Бир мүнөт

Кечки шаардын тынчсыз дүбүртү,
Аралашып кечки жарыкка.
Коштоп келет бизди, жүгүрүп
Машинеден артта калышпай.

Автоагымда жылып келебиз,
Чоң калаанын чыкпай ыгынан.
Кызыл жарык – Токто! Бир мүнөт –
Биздик эми, бизге буюрган.

Биздик эми, бизге буюрган,
Жанганынча жашыл бир мүнөт.
Бошой түшкөн колуң рулдан,
Алаканым кысып үлгүрөт.

Түйшүк, милдет, ойго чаалыккан,
Көздөрүңдөн жанып бир жаш от,
Буруласың мага шашыла,
Бир маанилүү сөзүң ар окшоп.

Тосом мен да ал көз караштын,
Сергек, дилгир сезим, ой менен.
Кызуулана баяын кыласың,
Иш жөнүндө бүткөн-бүтпөгөн.

Үндөбөй, же секин баш ийкеп,
Угам аны сүйүү сөзүндөй.
Бүт дилиңди берген ишиңди,
Сүйүп калган окшойм өзүңдөй.

Кызыл өчтү. "Кана, жөнө!" дейт,
Ой-боюңа койбой автоагым.
Кандай кымбат кээде бир мүнөт,
Кандай кымбат эсте калаарлык.

## Колуңду берчи, жакшы адам!

Колуңду берчи, жакшы адам?!
Жылуусу өтсүн жүрөккө,
Билишим зарыл бардыгың,
Кусаалуу ушул мүнөттө.

Анда мен түзөп башымды,
Тик карап жазмыш жүзүнө,
Карап тур, кандай өзгөрөм,
Мүнөзүм жеңип басмырт, тынч.

Али көп даван багынчу,
Адамдык эрким, күчүмө.
Колуңду берчи, жакшы адам?!
Ишенич эмне экенин,
Турмушка, доско, сүйүүгө,
Өзүңдөн туюп сезермин...

## Күз баяны

Шуудуратып кечип сары баракты,
Ээн калган бак аралап күз жүрөт.
А эски бак ушул күзгү тагдырын,
Токтоо кабыл алып, секин үшкүрөт.

Ала качпай тула боюн сары чалган,
Сыр бербестен турат кербез керилип.
Эми гана келип кирген санаага,
Өмүр күүсүн тыңшагансыйт берилип.

Өтүп барат, кетип барат бир өмүр,
Баалап баркын түшүнө албай жүргөнчө.
Кандай кыйын ойго салуу өлүмдү,
Бүткүл жашооң көрүнбөсө бир күнчө.

Жалбырактар жагалданып дирилдеп,
Жаш көркүнө өзгө түгүл өзү мас.
Саябанын сүйүшкөндөр самашчу,
Кайда кетти шаан-шөкөттүү ысык жай?!.

Сээлдеп учуп бариктери күбүлгөн,
Бак айрылып шуудураган үнүнөн.
Жаңыланып турган ушул дүйнөнүн,
Жашоо сырын дайым күздө түшүнгөн.

Эң акыркы баригинен айрылтып,
Жамгыр арты сары карга айланды.
Ичке катып махабатын акыркы,
Күзгү бак да узак кышка байыр алды.

## Сен жоктогу ыр

Күз келиптир бүгүн шаарга түнката,
Жолго төгүп сары жалбырак нечении.
Сагынычтын ырын ырдап, сенин да
айнегиңден туштап басып өткөндүр.

Ушул түнү дүпөйүл бир кусалык,
Журогүңө бейжайланып кол салып,
Уйку бетин көргөздүрбөй далайга,
Эңсеткендир мени жана бул шаарды.

Сен калтырып кеткен жетим ушул шаар,
Адамдары өңсүз, муздак, көңүлсүз.
Кусалыктан үзүлүүтө калып аз,
Сүйбөй турам күздү мен да озүңсүз.

Жугуму жок өгөй неге быйыл күз?
Же жанымда сен жоктугуң үчүндүр.
А тиргилик бейгам жана кайдыгер,
Бир жол менен өтөт мага түшүнгүс...

## "Жылуу ойлор күз жөнүндө биз жолуккан..."

Кайрадан кабылдырып ошол күзгө,
Кымбатым, махабаттуу ыр ырдадың.
Оо кантип күдөрүмдү үздүм экен!
Каттардан - өзүң жазар күйүп-жанып...

Өмүрдүн күндөрүндө ызаланткан,
Кыйналсам дайным таппай кусаматтан.
Жылытып турчу жумшак жүн жоолуктай,
Жылуу ойлор күз жөнүндө биз жолуккан.

Адамдар мени айланып өтчү болгон,
Кайдыгер көздөрүмдөн таппай жарык.
Сен келип мени кайра тапкан жолдон,
Ал жарык "жарк" деп күйдү жаңыланып.

Мага өтө керек эле ушул сөздөр,
Көздөрүң - "сүйөмүн" деп сырын ачкан.
Жарыгым, сээп кой аны бул дүйнөгө,
Жаз күтпөй кар алдынан өнүп чыгар!

## "Сөздөрүңдөн келет күздүн илеби..."

Тереңинде муңайым бир оту бар,
Көзүң күлөт, көргөнсүймүн көз жашың...
Асыл таштай жарк этер бир ойду таап,
Кымбат курбум, сүйлөп берчи чер жазып.

Сөздөрүңдөн келет күздүн илеби,
Туман басчу... Жамгыры көп мен сүйгөн.
Шу көңүлдү не кылалы экөөбүз,
Бул жашоонун жарык жагын күсөгөн.

Жаш өмүрдүн кубанычы аз жолунда,
Чарчабадык тунук шоола издедик.
Азгын ойду дилге коолоп кокустан,
Азар берген адамдардан кирдедик.

Көңүл калуу күз кыроодой бат ээрип,
Жакшылыкка кайра ишенип жүрчүбүз.
Жаркын, жарык күндөр бизге топ келип,
Таза, бийик, шаттуу чыгып күлкүбүз.

Сүйлөп берчи, асыл курбум, чер жазып,
Бул өмүрдүн оо далайын кечирдик...
Айтпа, бирок: "Сүйүү жалган сүйүү калп!",-
деген сөздү... Кой, укпайын! Кечиргин...

## Кечигүү

Жалбырагын кагып-күүп күздөр өттү,
Айрылуунун күйүтү эчак өчтү
деген элем... А бүгүн каректериң
Арман толо сагынчын айтып өттү.

Унутулбас сезимиң албууттанган,
Ала-сала жаздаган тар жолумдан.
Муздак акыл толкундун жолун бөгөп,
Муздай тоңгом, мизиң да майтарылган.

Унутулбас умсунган улутунууң,
Экөөбүзгө буюрбас бир бакытка.
Кыйнап туруп жүрөккө берип буйрук,
"Кош" дегенге оозумдун барганы ай!

Арга жок го тагдырдын бул ойнуна,
Капыл-тапыл жолугуп чоң жыйында
Күлүп-жайнап көрмөксөн болуп турдум
Бейтааныштай... Көп элдин ортосунда.

Жалбырагын кагып-күүп күздөр өттү,
Айрылуунун күйүтү эчак өчтү
деген элем... А бүгүн каректериң
Арман толо сагынчын айтып өттү...

## Күзгү элегия

Күздүн ымырт түшүп турган күүгүмү,
Жылуу кечте бөтөн үйгө кайдадыр,
Кирип бардым чоочун, беймаал коноктой,
Телефондун шыңгырыша айланып.

Таң калбачы мага бир аз, жаш аял,
Анын ысмын өздүк кылып атаган -
Он жыл бою мен эч кимден уга элек,
Он жыл бою жан адамга айтпаган...

Салам, менин сырдуу, жылуу чоочунум!
Сестейиңки добушуңду нес болуп,
Ал жөнүндө аңгемедей тыңшадым,
Ага алпарчу дагы бир жолго кез болуп.

Айтчу, курбум, кыла алдыбы бактылуу?
Мендей болуп сүйдүң бекен аны да?
Оттой болуп күйүп турган жан эле,
Жетпей калбас бир беттеген жагына.

Сүйдүң бекен тутуп ожор пейлине,
Шок уулуна мээри түшкөн энедей.
Кээде көпкө өчүккөндөй түнт эле,
Сапарынан кайтпай калган кемедей.

"Тээ илгери, илгери-и бир..." деп баштап,
Чубап чыгып эскермесин жаш кездин.
Он сегиз жаш бир бийкечтин арзуусун,
Баян кылып жүрөгүңдү эзгендир...

Ысык жүздүү эне жана аялдын,
Периштеси түшүп турган бул үйгө,
Ошол баян бойдон калбай мен минтип,
Келип алып турам даабай кирүүгө.

Кой, курдашым, ушунчамда кайтайын,
Бир аздан соң мени такыр унутуп кой.
Алыс, алыс, алыстагы бир жандын,
Азгырмалуу тагдырынан оолак бол.

Күздүн ымырт түшүп турган күүгүмү,
Жылуу кечте ботон үйдөн кайдагы.
Узап чыктым узатуусуз эч кимдин,
Сагынчымды көтөрүнүп саргайгыс.

## Бакытка да бала кыял караппыз...

Сени мага, мени сага тең кылып,
Сөз кылышпай калышкандыр курбулар.
Сенин, менин турмушумдай түгөйсүз,
Жетимсиреп жашап жатат бир кумар.

Санаасы жок, чалагайым балалык,
Өмүр бою ойноп жүрүп өтчүдөй.
Бакытка да бала кыял караппыз,
Ал түбөлүк биздин гана энчидей.

Сезим муздак, жүрөк эми өргүүсүз,
Токтоо кагат, күрөшкө өзүн белендеп.
Бирок, кээде ойго салып күйгүлтүк,
Айланчыктап келип калат бир элес.

Бизге дагы буйрубастыр кездешүү,
Билсе да аны көңүл күтүп талбаган.
Бул дүйнөдө сендей болуп эми эч ким,
Сүйдүрө ла, сүйө да албас кайрадан.

## Эскерүү

Үч бир тууган, үч уул эле бир үйдө,
Үч түспөлдүү, пейилдери үч башка.
Күтүп турган үч түр тагдыр үч жерде,
Жашашчу эле азырынча бул үйдө –
Китеп толо тар, кыйчылдак текчелүү.
А китептер – кары, жапжаш, жашамал,
Эчак көздөн өтүп бүткөн чоңунун,
Көңүл кала сүз ыргытып көп жолу,
Текче жакка кадам баспай коюучу.
Дилин өйүп келише албас каяша,
Калпын кармап алгандай досунун,
Деп ойлоочу: "А турмушта башкача..."
Ортончусу кер мурутчан жаш улан,
Жаңы гана даамга кирип тирүүлүк,
Биринчи ирет сүйүп жана сүйүлүп,
Кыял чексиз, сезим оргуп ташыган.
Ал издөөчү китептерден үңүлүп,
Дал өзүнө окшош тагдыр, таржымал.
Кенже бала токтоло элек эселек,
Окуучу эле китептерди ал да көп.
Кызыгына кумарланып бүтө албай,
Таң калтырып көркөм турмуш татаалы,
Бала анын бирин баштан кече элек,
Андан алыс жомок жашап ажайып.
Бир үйдөгү үч бир тууган, үч эркек,
Үч түспөлдүү, пейилдери үч башка.
Күтүп турган үч түр тагдыр үч жакта,
Жашашчу эле азырынча бир үйдө.
Китеп толо тар, кыйчылдак текчелүү,
А китептер – кары,жапжаш, жашамал...

## Энеге

Жайды аяктап, күз баштаган жамгырдай,
Добул соксо жаш өмүрдү курбулар,
Алыстанбы, жакынданбы жан кейип,
Чын дилинен көз жаш тогор бир адам.

Кат-кат бырыш жыйналаган жүзүндө,
Биз канбаган мээрим деген суусун бар.
Чаалыкканда чайкап келип жыгылчу,
Кучагында кубат берер куту бар.

Эне десек эске түшот туулган жер,
Бейпилдиктин башатындай туюлуп.
Кайда жүрсөк караан болуп бул экөө,
Качан болсо көкүрөктү жылытып.

***

Амансыңбы, кичинекей адамым,
Келдим сага басып узак аралык.
Сүйлөп берчи, эң жөнөкөй сөздорду,
Өз оозуңдан угулган бир ажайып.

Карап койчу сүйүү менен жөн гана,
Кокүрөктүн сары зили буулуккан.
Көз жаш болуп эрип кетсин акырын,
Же болбосо таркап жеңил булуттай.

Өмүрүмдүн оош-кыйыш издери,
Чач агартып, бырышыңды көбөйтүп.
Мен канчалык калтаңдасам жол таппай,
Болушунча жүрөгүңдү төшөйсүң.

Сенсиң менин Ата-Журтум, мекеним,
Жаратыма дабаа болчу мумиям.
Чаалыгууга, чегинүүгө жол бергис,
Өмүр күчүм, менин сырым купуя.

## А.А.га

Кайдан жүрүп туш болдук бул разъездге,
Күргүштөгөн поезд өтөт токтобой.
Жандап өтөт жашоого жык вагондор,
Жан адам жок бизди андап жоктогон.

Алып учар оттой ысык тилектер,
Доңголөккө кошо айланып ыргылып.
Биздин максат да аларча бар эле,
Анда неге кала бердик унутулуп?

Жакын беле, алыс беле ал сапар,
Кабыл болор, мүмкүн болбос максатың.
Бирок, бакыт тура кээде өзү эле,
Ага карай жолдо бара жатканың.

Биздин тагдыр кечеңдеткен поездди,
Күтө берип кур үмүткө жанчылып,
Түңүлгүдөй болуп артка кетүүгө,
Көкүрөктө улуйт да улуйт каршылык.

Думуктуруп салып аны ушул кеч,
Мекен кылып элсиз, чакан разъездди,
Жетпей калган махабаттай бапестеп,
Чоң турмушту кечип кала берсекпи?

Поезд өтөр, өтөөр күчтүү адамдар,
Өз нугунан адашпастан жол алып.
Биздин көмсөө тиричилик чалынса
Көздөрүндө таң калуу, же аяныч..

Укчу, курбум, өздөй көрүп болунгүс,
Ушул жайдын ажарын да, кемтигин,
Жашап болбой турган жерде , адамча
Жашай билүү – мүмкүн, биздин эчибиз....

## Сүйүүнү күтүү

Бул сезимди кандайынча түшүнсөм:
Мына, мына ачылуучу гүл сымал,
Жан дүйнөмө ээ-жаа бербей тебилем,
Жүрөк кургур акылыма баш ийбей .

Менин майин көңүлүмө сезимтал,
Жетишпестен өткүрлүгүң жалаңкат.
Эскерүүгө берип ар бир кечимди,
Ар бир кечте сүйүүм күчөп жалбырттайт.

Убакыттын шамалы үйлөп күчөткөн,
Жүрөгүмдүн алоо жалын аптабы.
Саргайта алгыс сагынтып... Бул дүйнөнүн
Сен жашаган кереӊ, мээлүүн кай жагы?!

Кир жукпаган шүүдүрүмдүн тунугу,
Таймаша алгыс таза, жаркын түр менен.
Сени издеп толкуп аккан сүйүүмдүн,
Кезигерсиӊ шоокумуна, коркүнө.

Бактыбызга баш айланган кездеги,
Чала айтыц, бүтпөй калган сүйлөмдөр.
Ырга айланып өмүр сүргөн кезеги,
Махабаттын чоӊ айлынан сүйлөшөт.

Мен өзүңө жол таап барам качандыр,
Алыстык да калыптырбы кеп болуп?!
Калам кыйбас аддамыца айланып,
Бул өмүрдө бир гана ирет кез болуц...

## Сени күткөн дагы бир күн узады

Оор түшкөн карды кечип белинен,
Дарактардын шыкаалашат шактары.
Ушул кечте кирип келсең эмине,
Менин бүтпөс, менин ыйык арманым!

От жагылбай үй да муздап калыптыр,
Эшигиме жылып келет да бир түн.
Сени күткөн дагы бир күн узады,
Уктап барам акыркы ирет үшкүрүп.

Капысынан карын күбүп силкинип,
Бутактар да боюн түзөп чыйралды.
Бир сагыныч мени камап эзгилейт,
Жүрөгүмдө сен укпаган сөз калды.

Учурунда айтпай калган сөздөр,
Мүмкүн анда керек эле сага өтө,
Көздөрүмдөн издегенсиң нурларды,
А мен калптан тургам салкын кейипте.

Жалгыз калдың сен гана бүт дилимде,
Өзүм кечпес сүйүү менен сүйөмүн.
Сен бар үчүн кайдадыр бир бурчунда,
Ысык көрүп, эп тутам бул дүйнөнү.
Биздин тагдыр бирикпес эки жолдо

***

Бул сенсиңби, жалындуу өткүр карек!
Бир чагылган капыстан жанып очту.
Мен күтпөгөн кайсы бир беймаал убак,
Келип калдың ээрчитип инир-кечти.

Жогол, сөздөр! Убакыт, токтой турчу?!
Ашыгымдын сүйүүсүн үнсүз сезип,
Кусалыгым күйгүзүп ачы бүтүн,
Сагынчымды жамгырдай жаап бүтөйүн.

Өрттөп салчы сен дагы мээримиңе,
Айрылышуу алдыда эрте-кечтир...
Биздин тагдыр бирикпес эки жолдо,
Кайрып алар бул күндүн эки эсесин.

Ушул кечтин кусасы дагы көпкө,
Эңсеттирип көңүлдү эзип бүтөр.
Жүрөгүмдүн бейжайлуу чакырыгы,
Далай ирет түн кезип сени ойготор.

## Бизсиз

Ойлодум бүгүн сени негедир көп,
Ойлодум бүгүн мага келбесиңди.
Жалгыз терек бул кечте бизди жоктоп,
Бизди жоктоп акырын термелишин.

Айдың түндүн кербени бизсиз өтөр,
Ыры калар булактын угулбастан.
Таңды күтпөй "жылт" этип жылдыз өчөр,
Бизсиз түшөр бир жалбырак сабагынан
учуя түнү...

## Бир күн

Бул өмүрдө бар го бир күн,
Көзгө тутар кимдигиң:
Кай бирөөдөн өйдө жашап,
А кимдерден кемдигиң.

Жек көрөөрүң өзүңдү-өзүң,
Же аярыңды билбеген.
Жашап өткөн күндөр бүтүн,
Жараксыздай чийилген.

Асыл деген бакытыңдын,
Арзан сыры күбүлүп,
Бүт өмүргө жетет деген,
Жол учу тез көрүнүп.

Сен унутуп койгуң келген,
Кетирген да кетирбеген,
Ким бирөөнүн алдындагы,
Күнөөң кечкис сезилген.

Карманарың жоктой эч бир,
Актай калган өзүңдү,
Чоочуй карап жандай өтсө,
Турмуш майрам гүрү-гүү.

Жүрөк сыздаар,билем, минтип
Сыздабастыр эч жерде.
Менден издеп жубатууну,
Койгун, досум, үмүт этпе!

Бир күн менен калып жеке,
Бир чындыкка түз тикте!
Жан дүйнөңдү силкип өтүп,
Жаңы нукту издетер.

Жашап көргөн жылуу-жумшак.
Шаарың кыйрап курган эчак,
Жаңыланып башталуу үчүн,
Бул жашоодо бир күн бар.

## Жолугуунун, коштошуунун ыры ушул...

Мен күсөбөй калдым эле ал шаарды,
Өңү-түсүн коздорүмдөн өчүрүп.
Кучагында калган баое жаштыгым,
Качан көргөн кыска түштөй эскирип.

Ошол шаардан келдиң дагы дедиң ээ,
"Эрге жаздай элеп-желеп кыялдуу,
Ийменчээк кыз дапайлардын эсинде,
Эсте жүрөт кырчын талдай курагы".

Дүрт этти да кыян жүрдү көңүлдө,
Сагынычым түпкүрүнөн козголуп.
Сага деген сезимдер да өрттөнөт,
Тээ илгери жанбай калган от болуп.

Эртен кайра жол тартасың ал шаарга,
Мага буйруп ушул жердин нан-тузу.
Сүйүү жана убайымдан жаралган,
Жолугуунун, коштошуунун ыры ушул.

## Арзуу сөзүн муздак угам кайдыгер...

Кечир, курбум, өрткө түшкөн доошуңду,
Керен болуп укпай койсо жүрөгүм.
Бир сүйүүгө "дүрт" деп жанып чеңемсиз,
Күйүшүнчө күйүп бүткөн түгөнүп.

Сабыркатат үмүткө жык карегиң,
Мен жалтанып карай албас күнгө окшоп.
Узак-узак жылдар араң унуткам,
Ошол сезим эми кайдан ойгонмок.

Аптыктырып бир күч араң айттырган,
Арзуу сөзүн муздак угуп кайдыгер.
Көңүлүмө бир ой келет алыстап,
"Ал да мага дал ушинтип айтчу эле".

Урунасың добул болуп, сел болуп,
Тереземе жаап койгон качандыр.
Аттиң, курбум. Бар болгону менде эми,
Сага сунаар – күнөкөрлүү аяныч.

## Келгин дагы, жүрөгүмө башың кой

Күтө берип түнгө калып үмүтүм,
Ак шам жагып сенин келер жолуна.
Утурласам... Тулпарыңдын добушу,
Жакындабай кыйгач өтүп жол улайт.

Кайсыл бир күн ташыркарсың чаалыгып,
Көңүл калуу кетиргенде айланды,
Келгин дагы жүрөгүмө башың кой,
Көздөрүңдөн өчсүн турмуш майданы.

Айтып берем деп убара чекпегин,
Мен сурабайм, эч нерсени сурабайм.
Болсом болду сенин жылуу мекенин,
Ушул сүйүү тагдырыма буюрган.

Сага мүнөз эмес көпкө тыныгуу,
Жүрөгүңдөн баш көтөрүп азгырык,
Аттанасың көк от күйүп көзүңдөн,
Кала берем, сүйүп жана сагынып...

## Тойдогу көз ирмем

Не жоодурайт бул укмуш көрком коздор,
Күлгүчүндө күлкү эмес, от да жалын
Ушул чакта дүйнө ага – ыр, шарап, бий
Жандайт жигит откүрсүн шайырданып.

Жандайт жигит курчтугу эч жанда жок,
Кыз денеси ийилчээк, жыпар аңкыйт.
Бийлешүүгө жалбарып сурангансыйт,
Шар төгүлсө жамгырдай мукам кайрык.

Шар төгүлсө жамгырдай мукам кайрык,
Сан жүз көздү өзүнө ширеп алып,
Жаш, солкулдак, жыпар жыт кыз денеси,
Бийлейт, жалгыз бий үчүн жаралгансып.

Ах, бүгүнкү күндү айт, чатырайт да,
Той дасторкон үстүнө түшө калып.
Аны миңге айлантып жибергенсийт,
Кыз-жигиттер деминен учкун жанып.

А карылар мээримге эрий жаздап,
Баш чайкашат таң калып,эркелете:
Жаштыгында алардын той башкача,
Жана дагы ушуга окшош беле?

## Унутарсың, сага айтышар мен жөнүндө...

Өткөрүп далай жылды арабыздан,
Унутарсың, сага айтышар мен жөнүндө.
Турмуштун эң бир катаал майданынан,
Мен жеңип, же жеңилип бергенимде.

Өмүрдүн күндөрүндө кусаланткан,
Эстесең өткөндөрдү унут калган,
Ойлоорсуң түнт эле деп билбегенге,
А кимге бир жылдыздай өчпөй калгам.

Дарексиз, кат-кабарсыз калсам бир күн,
О курбум, куру бекер бейтынч болбо,
Азгырып уйку бербей жүрөктөгүм,
Кайрадан алып чыгар бийик жолго.

## Буюрбаган кездешүү

Самолеттун доошу кайгып өттү,
Мен жашаган шаарды, сен келаткан.
Буйрубаптыр бизге бул кездешүүнү,
Тосуп алып, башкалар узатышмак.

Чакырышты, ушул күн бардым "Барга",
Жапан обон, жапан бий күңүрт залда.
Түшүмдагы жигиттин көздөрү арбайт,
Бийле, наздан, шарап ич, өзүңдү алда.

"Кандай жакшы, мен аны ойлободум",
-деп өзүмө тымызын кубат берем.
Жандай чыккан жигитти жол ортосу,
Жалгыз таштап, таксиде өзүм келем.

"Кандай кызык, мен неге кайгырбадым?"
Деп өзүмдөн таң калып сурап коем.
Түн ортосу ойгонуп, жүрөгүмдүн
Ыйын уктум муңканып, шолоктогон.

## Жолукпадым

Ата конуш айылым, бир түтүн эл.
Кечир, кызың, сагынчын бөлсө тенге.
Алыс, алыс, алыста ашык киши,
Ак мунара калааны жүрөк эңсейт.

Бейиш сымал көңүлдө жашаган шаар,
Басам бүгүн көчөңдө: оңбу, түшпү?
Неге агат көзүмдөн кусалуу жаш,
Жоктодумбу кечиккен бир сүйүүнү?

Ойлорумдан кетпеген ошол адам,
Ордолуу жайы алдынан өттүм туштап.
Ойдо жокто зырп этип жүрөк баамдап,
От кыялың ок болуп мага учаар.

Таптаза күн нурлары турган ширеп,
Терезеңди кейишим тордоп калды.
Жамалымды жашырып карегиңден,
Тагдыр бөлгөн айрылыш жолго салдым.

## Жалгыздык

Жалгыз калдың саатын чыкылдагы,
Ээн үйгө тирүүлүк берип турган.
Мунайымдуу ой келет: "Жүрот канча?
Убагында ким бурайт буроосунан".

Ээси келчү бул үйдүн жатаар убак,
Иши ушул, зеригип жабыкбачу.
А түшүнө белгисиз эне кирип,
Жүзүнөн өөп, башына жоолук салчу.

Үйдүн ээси – ошол кыз, оорулуу жан,
Эртең келбейт үйүнө түндөп дагын.
Шыпты тиктеп... бейтааныш оорукана,
Ойлоп жатар жалкы өткөн жаш курагын.

## Биринчи кар

Кыш бала салып койду күз бүтүрбөй,
Биринчи жааган карды күтүпбөгөм.
Маанай пас, адам толо автобуста,
Келаттым өз үйүмө көңүлдөнбөй.

О менин кыйшык, тешик дарбазам ай,
Кыйчылдайт, жалгыз жанга аралжымдай.
Аста ачып кирдим дагы тыңшап калдым,
Артымдан жоктоп келер адам бардай.

Кусалуу кыштын ызгаар ушул кечи,
Ааламды менден алыс болуп кетип.
Мупмуздак жалгыздыктан үшүп турдум,
Эч кимге керексиздей элес итетип.

Токточу, аяр секин кадам таштап,
Жакындап эшигиме келет караан.
"Кар комгөн дүлөй түндө эстеген ким?"
Жүрөктү дүнөйүлдүү суроо кагат.

О кызык, мен күтпөгөн опол жигит,
Кабатыр көздөрүнөн оюн окуйм.
"Капыстан жааган кардан тынчым кетти,
Кантти деп кышка карай отун-суусу?".

Астана аттабастан деди кыска:
"Картошка алып келдим, отун анан".
Батынбай, башбакпастан жонол берди,
Кепке жок, одонорок, уян улан.

## Кезигүү

Кечир мени, турса угулуп,
Сага арнап жазган ырымдан,
Муңайымдуу күңүрт бир кайрык,
Жалгыз тоскон сансыз көп кечте,
Чертип өткөн аны кусалык.
Ойлуу, жымжырт күүгүмдөр менен,
Сен жөнүндө басмырт сүйлөпсөм,
Маүрүм тал талып угуучу,
Бир баянды жапжаш, ууз кезден.
Көздөрүмдөн жанган жылдыздай,
Сагынычка жумшак киришкен,
Жендей ичке арык толо суу,
Жылжып агып өтүп кетүүчү,
Жөнөгөндөй издеп изиңден.
Жашырбаймын, сенсиз өмүрдү,
Жашагандай болбой жашадым.
Айрылуунун бейжай күйүтүн,
Көкүрөктө өжөр сактадым.
Бар экенин билип бул күндүн,
Ушул жолдун сага алпарчу.
Мен сүйүүмдү алып өтүпмүн,
Мезгилдердин улуу көчүнөн,
Мундурбастан таза, жапжаңы.
Мына эми биздик чоң бакыт,
Чоң күтүүдөн тапкан экөөлөп.
Кечир мени, эми армандуу,
Жетим үндү тыйпыл өчүрөм!

## Сезип турам чынчыл, таза жүрөктү...

Сүйлөп берчи, же сүйлөбөй эч нерсе,
Жанымдасын, жетет ушул бир өзү.
Алаканым алсыз жаткан колуңдан,
Сезип турам чынчыл, таза жүрөктү.

Курал алып, Мекен чегин коргоочу,
Эгин экчү, соко чегип, кош айдап,
Эр жигиттин эл таянар колдорун,
Мен да кармайм, тагдырымды табышкан.

Күндү эмес, көздөрүңдү тиктеймин,
Жылуулугу бүт өмүргө жетерлик.
Сен турганда мен бир назик бийкечмин,
Сага муктаж бүгүнкүм да, эртеңким.

Демөөрлөнүп бой урам чоң иштерге,
Билем, мунум – сен бардыгың үчүндүр.
Жашоо эмне, эмне бакыт, Ата-Журт,
Махабатын менен бердиң түшүнтүп.

## Арман

Таң кал, тикте, кара жолтой ушул күн!
Турмушума алып келген суук кабар.
Жашырбаймын, өксөп жашым төгүлдү,
Тизе бүгүп, жаным кейип муңканам.

Бакытымдай тутунган бир сезимди,
Жылаас кылып күбүп кеттиң түбөлүк.
Терс бурулуп жашоо да өз нугунан,
Дүйнө бүтүн күм-жам урап түшкөнсүйт.

Билем, эртең бул кайгымды оздуктап,
Көңүлүмдүн түпкүрүнө чөгөрөм.
Сыздаганын менден башка жан туйбас,
Арман кылып алып өтөм өмүрдөн.

Туш болормун жаркын, жарык күндөргө,
Таза, бийик күлкү менен күлөрмүн.
Орто жерден селт эттирер тымызын,
Ошондо да унутулгус бир өксүү...

## Замандаш

Бейтааныпым эмессиң бөлөк-бөтөн,
Качандыр бир кездешчү ддарыямсын.
Кечүү тапсам отормун аркы өйүзгө,
Табалбасам жээгинде калып калчу.

Мен ошондо издээрмин көздөрүңдөн,
Асман, күндү, булутту, ай-талааны.
Кең дүйнөнүн элеси турса баты,
Жүрөгүңө мени да кабыл алгын.

Эшик ачсаң, кирээрмин жан дүйнөңө,
Жумшак, жылуу жамгырдай жыла басып.
Билинбестен кошулуп алдейлешем,
Бакытыңды, же бейтынч ой-санааңды.

Калганында кылдырын күнүм өтүп,
Жарк деп жансаң коңшу үй чырагындай,
Мен турмушка кайрадан дүрмөттөлүп,
Селт ойгонуп, шашылып жолго чыгам.

Кээде өмүргө келгенсип сезип кетем,
Сени окуп бүтүү үчүн, замандашым.
Ар бир жолу сен мага залкар дастан,
Ар бир жолу – дүйнөнүн жаңы жагы.

## Туулган жер

Жаптым бекем терезени,
Айды сыртка калтырып.
Укпас үчүн дециз доошун,
Укташ үчүн баарын унутуп,
Жаптым бекем терезени,
Бирок жатты мага угулуп,
Чакырыгы туулган жердин.
Көзгө келет эне элеси,
Кемегеде сүт бышырып,
А каймагын мага сактап,
Айтат: "Неге кечиктиң?"
Мага мында уйку бербей,
Дециз шуулдап үн салат.
Өз жомогун качан бүтүп,
Токой качан тынчтанат?
Жалбырактар уктай албай,
Айлуу түнгө айтат сырын,
Мен да сага айткым келди,
Жүрөгүмдүн сагынычын.
Ушул түнү сага барып,
Айткым келди, туулган жер.

## Мен сени күтүп жүрөм ушул жазда

Сирендер терезэмдин түбүндөгү,
Бажырап тегиз гүлүн ачып жатса,
Сен жоксуң сагындырып бейдарегим,
Мен сени күтүп жүрөм ушул жазда.

Булуттар түшүп келип бийиктиктен,
Чаңкаган талааларга кучак жайды.
Сен жоксуң, экөөбүздүн ортодогу,
Жамгырга жуулган жолдор бопбош жатты.

Сен неге келген жоксуң ошол күнү?..

## Назым Хикметке

Жашка чылап жүзүмдү чачым жапкан.
Мажүрүм тал мен болуп ушул түнү.
Ыйлап жаттым кечигүү менен жоктоп,
Батып кеткен качанкы Кызыл Күндү.

Жолдун бетин көргөзбөй ошол кечте,
Жоо артынан кубалап күндү беттеп,
Чаап өткөн шамдагай атчандардан,
Сүйгөнүнө коштошуп көзү менен,
Энесине: "Кайрылып келем", - деген,
Бир жаш жигит ал жактан кайтпай калган.
Кайтпай калган бул жолду кайта тепсеп.

Жоокер өлдү чегинде Мекенинин,
Кечир, Эне, жалгызын – уулуң өлдү!
Перзентиңин кан жуутан жаш денесин,
Алпештеди акыркы кызгылт нурлар.
Мажүрүм тал ыйлады башын ийип,
Баатырдыгын жомоктоп агын суулар,
Алып кетти кайдадыр учуп-күйүп...

## Самоо

Танбайм, сени эңсегеним ырастыр,
Жапан тоонун бейпил, эркин турпаты.
Турмушума жетишпестен саматчу,
Шыңгыр үнү тунук, таза булактын.

Баш паана издеп көп суроодон курчаган,
Бошонууга өжөр, мерес бир күчтөн,
Көңүл зилдеп кадимкидей кусадан,
Мен өзүңө келер күндү көп күткөм.

Жашоо мында жуушагандай жай өтүп,
Жатыштырсың ток пейилдүү магдырап.
Кучагына куладым да көздү жуумп,
Жүрөгүм да токтоочудай жай агат.

Кеттим кайра, көздөн учуп чоң калаа,
Сагындырып түйшүгү көп турмушум.
Тумчукканча тереңине чумкууга,
Өзүмдөгү күчтү сезип, туюу үчүн.

## Акын курбума

Айтып берчи азыркы ырлар жайынан,
Достор жазган жаңа эми жазылар?
Ал дүйнөнү кусаланып көп жоктоп,
Ал дүйнөнү кадимкидей сагынам.

Кече да албай, же кайдыгер кала албай,
Бирөө сүйүп, бирөө жектеп каргаган.
Бул турмуштун бүт турпатын, турушун,
Ашык жаңдай айта берип танбаган.

Дилгир кагып, тымып-тынчуу билбеген,
Жүрөгүңдүн тамырлары миңдеген.
Татаал, сырдуу жана ажайып бир кызык,
Дүйнө менен байланышын издеген,

Акындыктын ыйык татаал тагдыры ай!
Ырахаты жана азабы теңме-тең.
Мен жашоону сүйбөс белем мынчалык,
Ырларыңдан ысык жүзүн көрбөсөм.

Айтып берчи азыркы ырлар жайынан,
Достор жазган жаңа эми жазылар?
Ал дүйнөнү кусаланып көп жоктоп,
Ал дүйнөнү азизимдей сагынам.

## Сүйүүнү күтүү

Сезип турам укмуш сүйүү келерин,
Маалы жетип ичтен кайнап жарылып.
Эсибизге келтирип, бир келтирбей,
Алып жонөр күр-шарына агызып.

Көрүнөрсүң аалам болуп бүтүндөй,
Турмушума тутка болуп кармаган.
Адамдыктын, өмүрүмдүн маңызын,
Сенин жылуу мээримиңден таба алган.

Жат көздөрдөн далдоо калып келаткан,
Жан жүйөөмдүн гүл багына урунуп.
Сулуулуктун казынасын ачарсың,
Сүйгөн жүрөк гана сезер туюнуп.

Сен ошондо эт жүрөгүң элжиреп,
Сураганда: "Мынча асылзаадасың?"
Жооп берermин: "Бар байлыгым жыйынып,
Ушул күнгө жетиш үчүн жашадым".

## Мага өтө керек эле ушул сөздөр

Мага өтө керек эле ушул сөздөр,
Көз караш бир сүйүүнү тумчуктурган.
Чым басып булак үнсүз житип-өчкөн,
Көңүлдүн көзүн ачып, жаштык сунган.

Күсөбөй калган элем, эчак күтпөй,
Мага агып келер дайра шуулдагын.
Кайрадан кабылдырып ошол күзгө,
Кымбатым, махабаттуу ыр ырдадың.

Булуттар энкейиштеп түшүп келди,
Кайрылып кайра өңүн таанытмакка.
О кантип күдөрүмдү үздүм экен,
Каттардан – өзүң жазар алыс жактан.

Адамдар мени айланып өтчү болгон,
Кайдыгер көздөрүмдөн таппай жарык.
Сен икелип мени кайра тапкан жолдон,
Ал жарык "жарк" деп күйдү жаңыланып.

## Неге?

Мен сени такыр унутуп коем дедим,
Өчүрүп жүрөгүмдүн сыздаганын.
Жашоомду башка кылып түзгүм келди,
Саналуу, сары оорулуу махабатсыз.

Унутулдуң, улутундум жеңилдене,
Бейгам,тынч өмүр сүрүү эп көрүнүп.
А бирок мен бирөөгө жеңилгендей,
Куру жалак, байкуш сездим неге өзүмдү?

Гүлдөрдү калчу болдум байкабастан,
Бактагы чымчыктардын үнү өттү.
Дүйнөгө сонуркатып ашык кылган,
Бир сезим кайда кетти, кайда кетти?!.

## Келиниме

Карегиңдин майин, уяң нурунан,
Ыктай түшсөң илебинен денеңдин.
Сараң сөздөн, бирок ширин угулган,
Бир ажайып көрком дүйнө сеземин.

Кош бутактай өсүп чыккан өзөктөш,
Жүрөгүмө жакын санаа, тагдырын,
Сүйүүсүнө кошуп сага тапшырам,
Бир тууганым – эми сенин ак жарың.

Сезем эми эки адамдын ысыгын,
Ойлой жүрөм бир адамга көбүрөөк.
Сенин ысмың кошо айтылып кебимде,
Сагынчымды бөлүп берем тенинен.

## Ырлар жазуу жалгыз даба... ...нөт

Түшүбөймүн, неге ырларым бүтүндөй,
Шор даамданат махабаттын саргайган.
Эс-мас болгом таалайыма көп күндөр,
Өчүрүпмүн эстен бир ыр арнабай.

Ыр жазыпмын, сагынычтан эзилип,
Жалгыздыктан жабыркасам армандуу.
Жакшы күндө мен өзүңө кезигип,
Жапылдангам – анда неге жазбадым.

Күтүү,эңсөө жана ачуу айрылуу,
Коз жашымдай таамптыр аппак баракка.
Бактылуу да болуп көргөм албырып,
Батты күнүм, ыр төрөлдү азаптан.

Себеби анын мүнөзүмдө бар тура,
Кубанычымды бөлүшүпмүн коп менен.
Касыретте ичтен тынып жашысам,
Ырлар жазуу жалгыз дабаам өңдөнөт.

**Ыр азабы Мажнун кылып азгырат**

Нени уттум, же өлчөөсүз уттурдум?
Бийкеч доорум жигит жаңдап сүрө албай,
Торт тубалдын ортосунда куңкурук,
Соз кынаймын ырдан сепил кура албай.

Тең курбулар жибек кийип сыланып,
Наз кылышса көчө бойлоп, шаңдуу шат.
Мен болуңуп, ой кубалап кусамын,
Ыр азабы Мажнун кылып аздырат.

Шапар теппей, же кызылга кызыкпай,
Жаштык доорум мээнет менен чор болду.
Бул жашоону жеңил-желпи сезе албай,
Күрөш мага, мен күрөшкө тойбодум.

## Балалык

Балалык – бул эшиги ачык куттуу үй,
Жылаажындуу коңгуроо кагып күнү-түн.
Күндүн нуру, жашоо шанын чакырган,
Ката албаган кайгысын да, сүйүнчүн.

Качан, кантип алдын-ала сактанып,
Каалга тосуп калчу болот бул үйгө?
Эмнегедир дос издебей кас издеп,
Шектүү кабак тиктейт муздак түйүлгөн.

Кулпуланып, бекемделип жабылып,
Өзү менен өзү болуп думугуп,
Мындай үйлөр турушса да коңшулаш,
Бири-бирине чоочун, сырдуу туюлуп.

Шамал менен отту бирдей каршы алып,
Көңүлүмдө балалыгы муңдаган,
Өмүр бою эшикти ачык калтырып,
Жанаш өткөн адамдарга суктанам.

## Шаар

Шаар, мени мейманыңдай кабыл ал,
Сонуркоодон эт жүрөгүм эзилип.
Жаш балача жомок менен жашайын,
Кыял туткан дүйнөмө бир кезигип.

Боюн сыпаа туткан кербез сулуудай,
Көркөм жана келишимдүү турпатын.
Бүткөнүнө адамзаттын колунан,
Бир ишентип, бир ишентпей суктанткын.

Көл бетинде кармалбаган нурга окшоп,
Эс-акылга байыр болбой түрлөнгүн,
Майрамыңдай бала чактын сезилип,
Кереметтүү сырдуулуктан сүрдөйүн.

Бүгүн-эртен элетиме жол тартам,
Түшөм кайра тааныш жашоо нугума.
Кабыл болгус, бирок чексиз саматкан,
Бир тилектей жүрөгүмдө туруп кал.

## Айылымдын тоосу

Мейли бүгүн чыкпай койсун ай деле,
Бүтүн бойдон кара түнгө жутулуп,
Чөгүп жаткан турпатыңдан жылуу дем,
Билинбестен жүрөгүңө куюлсун.

Кара көгүш асманында ачылган,
Кызыл гүлдөй жайнап өскөн жылдыздар.
Алыс жерде сагынычка айланып,
Түшкө кирип, ойготтурар уйкудан.

Мейли бүгүн чыкпай койсун ай деле,
Мейли түндөн көрүнбөсүн караанын.
Унуттура албас мезгил, алыс жак,
Мени өзүңдү туюп, сезип жатамын.

## Он алты жылдык баян

Биз жолукпас жылдар артка чегинди,
Биз көрүшпөс күндөр сынды ыпырап.
Он алтында берген гүлүң жүрүпмүн,
Он алты жыл "албомумда" кулпулап.

"Арманым жок, - дедиң аяр сыладың,-
- Аттигиниң, гүлү экен кай жердин?"
Ушул гүлдү тартуулаткан сезимдер,
Эки жерде, эки бөлөк калды эми.

Он алты жыл мурда уяң боз улан,
Он алты жаш кызды жабык сүйүптүр.
Он алты жыл айтылбастан бул кумар,
Бир тал гүлдүн баянында жүрүптүр.

## Сен сезс алгыс сагынычка чөмүлөм

Кандай алыс кетип калгам мен сенден:
Бөтөн жашоо, бөтөн асман четинен.
Сен эч качан баскыс жолдо баратып,
Сен сезс алгыс сагынычка чөмүлөм.

Кандай гана таң калыштуу бир күндүн,
Тартарыбыз эки башка түйшүгүн.
Сага деген миң-сан ысык шыбырым,
Думуктуруп ичке катып жүрүшүм.

## Эстелик

Мен турмуштун кайтпайын кай жолунан,
Моорой утуп, же томсоруп куру кол.
Көңүлүмдө атама арнап тургузган,
Эстеликке алып келет бардык жок.

Мынча бийик сүрүнөн көз жалтанар,
Апкаарбастан кантип карайм турпатын?
Каардуу чындык кабагында кашкаят,
Мүнөзүндөй отузунчу жылдардын.

Бек кымтылган кара кайыш шинели,
Бек кымтылган эрининде өжөр күч.
Дос-душманды айра тиктейт көздөрү,
Жоокериндей кайнаган тап күрөштүн.

Мынча эргүү кайдан келсин жүзүнө,
Жан-дүйнөсүн көкөлөткөн учуусуз.
Жүрөгүндө кайнап турат бир илеп,
Бүт дүйнөгө жетерликтей ысытып.

Ал эстелик – атакемдин элеси,
Ар бир өткөн күндөн алып бийиктик,
Ар бир өткөн жылда артып сөөлөтү,
Жылган мезгил улуулугун билинтип.

Мен турмуштун кайтпайын кай жолунан,
Моорой утуп, же томсоруп куру кол.
Көңүлүмдө атама арнап тургузган,
Эстеликке алып келет бардык жол.

## Прелюдия

О кең дүйнө, кыймылдасың тынымсыз,
Үлгүртпөстөн үйрөнүүгө изилдеп.
Сени менен кошо өзгөрүп тирүүлүк,
Өз нугумду кайра баштан издетет.

Билем ал нук аталарын эмне деп,
Билем анын керектигин кимгедир.
Бирок, анда агып керек күргүштөп,
Жетиш үчүн деңизиме бирден бир.

О зор турмуш, сага ыйык сөзүм бар,
Айта албастыр аны эч ким менчелик.
Бул өмүрдөн алып өтсөм угузбай,
Акталбастан калар башка милдетим.

## Сен анда вино ичүүгө шашылбачы?

Өмүрдүн күндөрүндө ызаланткан,
Кыйналсаң дайның таппай кусаматтан,
Сен анда вино ичүүгө шашылбачы,
Куру бекер каткыруудан көрө, курбум,
Жакшы го сагыныччтын ысык жашы.
Кетип кал, сен ошондо баарын таштап,
Экөөбүз бирге өткөргөн асыл жазга,
Ал сени сактап калат периштедей,
Сезимдин туткунунан азгырылма.
Эстегин, калтырбастан эсте анан,
Биз сүйгөн, биз суктанган жазгы асман,
Чуулалуу ак булуттар көөлгүп жаткан.
Өрүкзар жаңы гана гүлүн төккөн,
Уяңы өткөн күздөн калып кеткен.
Дүйнөнү дайым бизди кумарлантып,
Тамчыдай тунук, гүлгүн, сырдуу келген.
Ошондо, курбум, дилиң арууланып,
Карайсың кайра баарын сүйүү менен.

## Сезимдерге жеңдирип ...

Азгырык дүйнө – жашымтыл барик,
Секин-секин саргайып келер.
Сезимдерге жеңдирип ийип,
Олтурам иштин камын жебей.

Күзгү асмандын көгүлжүм түсү,
Жүрөктү туюк кусага малат.
Кимдидир эстеп, кимдидир сүйүп,
Гезиттин иши кылынбай калат.

### Нике түнү

Бүгүнкү кеч экөөнөрдүн түнүңөр,
Жүрөк дүк-дүк, ортоңордо мас кыял.
Той түшүрүп, баш кошкондон кийинки,
Түрүлө элек көшөгөдө эки жаш.

Жалгыздыктын өрттөп салар канатын,
Сүйүү деми алоо жалын, таттуу чок.
Жаш жубайлар шыбырашкан сөзгө окшоп,
Шамал термеп шуудурашат топ терек.

## Жалгыз тал да мендей оор үшкүрөт


Толкун болуп көздөрүңдөн төгүлчү,
Жылуу нурду көрбөй калдым негедир.
Чоочун жандын көтөрө албай кусасын,
Кирпигиңе жашырынат каregин.

Ортобузду бөлүп турат эки эшик,
Эки эшикке бир жумалык жол түшөт.
Жалгыздыктан тумчугабы түн ичи,
Жалгыз тал да мендей оор үшкүрөт.

# Он сегиз жаш
## (1976 – 1986)

18 жаш бийкеч куракта өзөгүмдөн жарып чыккан ырларым… Кыз [illegible]ындай ууз сезимдерден жаралган алгачкы саптар…. Узак жылдар бою жат көздөрдөн далдаа кармаган жандептерде сакталып, сандыктын түбүндө катылып турду. Эч жерде жарыяланган эмес. Жаш жүрөктү козгогон ой-сезимди ыр менен толук бере албай калгансып, ар бирине ылайык сүрөт да чиймелеп коюпмун.

Жаштыгымдын кымбат эскермеси болгон бул калем үйрөнчүк ырларымды биринчи жолу окурмандарга сунуш кылдым.



## Сүйүү жөнүндө биринчи ыр

- Эсиңдеби бул ыр?!
-Эсимде… Ошондо сен: «Бул мен жөнүндөбү?» -деп
сурагансың.
Ооба, сүйүү жөнүндө биринчи ыр…

Койчу, койчу, белгисиз сырлар жанган,
Көздөрүңдү көзүмөн буруп кетчи?!
Сүйүү издеп секелек жүрөгүмдөн,
Жаштыгыңды курулай өткөрбөчү?!

Койчу, койчу, көп сырдуу телмирбечи,
Сен эңсеген кызыл гүл ачыла элек.
Балалыктын айлында таскак урган,
Шок кыялым сүйүүгө баш ийе элек.

Адамсыңбы боору таш ушунчалык,
Ойлоруума билгизбей чалма ыргыткан,
Эритем деп али тоң сезимдерди,
Не түйшөлүп жүрөсүң өзүң кыйнап?
12.09.1973

***

Менин сүйүүм бардыгында,
Тоолордо да, булутта.
Наристенин күлкүсүндө,
Жаздын алгач гүлүндө.
Бирок жалгыз махабатым,
Сенде экенин унутпа!
1.11.1973ж.

***

Кечээги кыш бүгүн жазга айланып,
Кызгалдак гүл эртең калар саргайып.
Эрте менен күлүп чыккан күн бетин,
Көлөкөлөп булут басар калдайып,
Өзгөрүлбөс жалгыз гана махабат,
Эгер калса жүрөгүңдөн жай табып.
5.11.1973ж

***

Жолуккапбыз сагынычтан буулугуп,
Жазгы кечте өрүк гүлү ачылган.
Ай, ошондо сен зарыккан бир сөздү,
Айта албай кийинкиге калтыргам.

А эртеси жонуп кеттиң «кош» айтып,
Балалыгың калган бийик тоолорго,
Ошол сөздү миң кайталап ичимден,
Узатканмын көрүшсөк деп аман-соо.
1.04. 1974ж.

***

Жаралансам кайгыдан болор-болбос,
Жалгызсырап санаанын түпкүрүндө,
Окуп кирем катыңы кайра баштан,
Бактылуумун…

Кубанычтан көңүлгө канат бүтүп,
Бүт дүйнөнү элжиреп турсам сүйүп,
Сага ошондо кат жазам эргий-эргий,
Бактылуумун…

6.04.1974ж

***

Эмнеликтен, кымбаттуум, билесинби?!
Түндө менин түшүмө тоолор кирди,
Тоолор кирди койнунда сен чоңойгон.
Өркөчүнө аппакай булут конгон.
Көзүм талып тиктеймин өзүңдү издеп,

Зыңгыраган эң бийик аска-зоодон.
Көк мелжеген чокудан бүркүт шаңшыйт.
Темир канат барчынын учурганбы.
Айланчыктайт мамыга күлүк тору,
Алыс кеткен ээсин утурлайбы.
Жашыл лөңдө кылаңдайт жалгыз караан,
Селки бекен кыпча бел, кызыл жоолук.
Колдорунда чака бар суусу толук.
Же энеби баласын күткөн саман,
Күнү-күнү тажабай жол караган,
Мага окшоп көздөрүн албай кадап..

...Жоллор келет жолдорду кесип өтүп,
Күбө болуп тагдырдын ар кылына,
Күбө болуп күтүүгө, зарыгууга,
Ажыратып, далайын кезиктирип...
Эмнеликтен, кымбаттуум, билесинби?!
Түндө менин түшүмө тоолор кирди,
Тоолор кирди -сен өсүп-чоңойгон жер,
Сагынычымды аябай козгоп кетти,
көргөн түшүм...

11.06.1974ж.

***

Көркү кеткен күздүн бүркөө түнү эле,
Калтыраншып бак-дарактар суукташ.
Кол кармашып басып жүрдүк туш келди,
Адамдардай бараар жерин унуткан.

Шыбырашат жалбырактар акыркы,
Жомогунун аягына жетпестен.
Кете бердик, кете бердик чарчабай,
«Кош» дегенге экөөбүздүн жетпей эрк.
19.11.1974ж.

***

Баргым келсе мен өзүңдү сагынып,
Жолсуз жаткан чөлдөр дагы кеп эмес.
Жамгыры көп караңгы түн жамынып,
Барып калам түштөй болуп бир элес.

Балким, эми кубандырбас ойлорум,
Сага арнаган асыл сезим арзандай.
Анда кош бол, бирок кайтып келермин,
Сагындырып кайра келчү жаздардай.
2.01.1975ж.

***

Кирдим бекен түшүңө баягыдай,
Жетиле элек кыялкеч жаш кыз болуп?
Таарынтам деп мен сени кечиндеси,
Жолугушар саатында келбей коюп.

Же кирдимби түшүңө - убайымдуу
Сары жоолук салынып сени күткөн.
Кеч күздөгү жыланач бак түбүнөн,
Жалбырагы күбүлүп түшүп бүткөн,
Кирдим бекен түшүңө бүгүн сенин…
5.01.1975ж.

***

О досум, бизге жолдош – татаалдыктар,
Турмуштан оңой жолду издебейли!
Жашоонун бүтпой калган сүйлөмдөрүн.
Бизбиз го андан ары улап кетчү.

Күлкүсү, бийлери көп кечелерди,
Сызып таштап күндөрдүн эсебинен.
Жашайлычы туу кылып бийиктикти,
Саран карап бүтүнгө кечээгиден.
20.03.1975ж.

***

Сирендер тереземдин түбүндөгү,
Бажырап тегиз гүлүн ачып жатса,
Сен жоксун,
Бейдарексиң көптөн бери,
Мен сени күтүп жүрөм ушул жазда.

Булуттар түшүп келип бийиктиктен,
Чанкаган талааларга кучак жайды.
Сен жоксуң,
экөөбүздүн ортодогу,
Жамгырга жуулган жолдор болбой жатты.

Сен неге келген жоксуң ошол күнү?
21.03. 1975ж.

***

Жаз келди ээ, кымбаттуум, жылдагыдай,
Күтгүң бекен адатыңча ашыгып.
А менин жүрөгүмдө деле толтура,
Күтүү, күтүү... чексиз сагыныч.

Эстейсиңби, өткөн сулуу жаздарда,
Катар бассак тал чыбыктай жанашып,
Мен өзүңө, сен да мага жарашып,
Карашчу эле баары бизди жактыра,

Анда гүлдөр көп ачылган кулпунуп,
Өрүк гүлү бажырайып башкача.
Адамдардын баары сулуу, бактылуу,
Асман дагы гүлгүн эле таптаза.

Жашыл көчө. Басып келем жалгыздай,
Сезимимде ал жаздарга эңсөө бар.
А көздөрүм издейт кимдир-бироону.
Издейт үнсүз, даректебей, сурабай.

Өзгөрүүсүз адамдардын агымы,
Кадимкидей жайнап турат тегерек.
Бирок неге ойго чөмүп чаржайыт,
Адатымча көкко учпайт делебем.

Күттүм, күттүм жолугууга бир ирет,
Кыш айында торгой сымал жаз күткөн.
Жаз да өтүп, жалбырактар саргаяр.
Мен да жадап жашоо менен үмүттөн.
24.04.1975ж.

***

Өмүрдүн күндөрүндө ызаланткан,
Кыйналсаң дайнын таппай кусаматтан,
Сен анда вино ичүүгө шашылбачы?!
Куру бекер каткыруудан корө, курбум.
Жакшы го сагынычтын ысык жашы.
Кетип кал сен ошондо баарын таштап,
Экөөбүз бирге өткөргөн асыл жазга,
Ал сени сактап калат периштедей.
Сезимдин туткунунан азгырылма.
Эстегин, калтырбастан эсте дагын:
Биз сүйгөн биз суктанган жазгы асман,
Чуудалуу ак булуттар көөлгүп жаткан.
Өрүкзар жаңы гана гүлүн төккөн,
Уяны балапандар таштап кеткен,
А дүйнө бизди өзүнө куштарлантып.
Тамчыдай тунук, сырдуу, сүйкүм эле.
Эстегин апан мени унутпастан…
Ошол жаз орток болгон экөөбүзгө,
Эми эч кайталанбас, кайталанбас…
25.05.1975ж.

***

Калбоочудай ал күндөрдүн калдыгы,
Сүрөт, каттар…
Отко өрттөлдү бардыгы.
Бирок, эмне сактап жүрөм эмгиче,
Коштошууга арнап жазган катыңды?

Оо, ошол кат баарын эске түшүрөт,
Акыркы ирет турганыбыз үн-сөзсүз.
Баштасак да бакыт жолун эртелеп,
Ачуу болуп бүтөрүн биз билбеппиз.

Санаасы жок чалагайым балалык,
Өмүр бою ойноп жүрүп өтчүдөй.
Бакытка да бала кыял караппыз,
Ал түбөлүк биздин гана энчидей.

Өтөт баары бул жашоого бир келген,
Жаштык да өтөт сүйгөн жана сүйдүргөн.
Бирок, кез-кез ойго салып күйгүлтүк,
Жүрөгүмдө өчпөй жүрөр бир элес.
3.11.1975ж.

***

Ойлодум бүгүн сени, негедир, көп,
Ойлодум бүгүн мага келбесиңди.
Бир түп кайың бул түнү бизди жоктоп,
Бизди жоктоп акырын термелишин.

Айдын түндүн кербени бизсиз өтөр,
Ыры калар булактын угулбастан.
Таңды күтпөй жылт этип жылдыз өчөр,
Бизсиз түшөр бир жалбырак сабагынан
Ушул түнү...

16.04.1976ж.

***

А мүмкүн калмак белең унутулуп,
Жыл сайын кайталанып жаз келбесе,
Кайрадан өрүк гүлдөп эстетпесе,
Дембе-дем сен жөнүндө айта берип,
Шыбырап жалбырактар жайкы кечте,
Мүмкүн сен калаар белең унутулуп,
Тагдырга башымы ийип башка адамдын,
Мен жары болор белем эмдигиче...

2.03.1976ж.

***

Жолукпа, эми мага жолукпагын,
Колумду моюнуңа орой албай,
Коңул кош көздөрүмдү ала качып,
Капилет көңүлүңдү оорутармын.

Жолукпа, эми мага жолукпагын.

Кайрылба, эми артыңа кайрылбагын,
Туруштук бере албассың көздөрүмө,
Суранып кайтышыңды кайра өзүмө,
Артыңдан карап турган азгырмалуу.

Кайрылба, эми артыңа кайрылбагын.
7.04. 1976.

***

«Унут» дебейм, унутпагын,
Унутуута биз акылуу эмеспиз.
Мен өзүмдү сага гана арнагамын.
Кайра кантип өзүм «унут» демекмин.

Эсте мени, сагын мени.
Мен өзүңдү өмүр бою сагынам.
Бизге эми буюрбастыр кездешүү,
Бирок, аны күтүп көңүл талбаган.
27.04.1976ж.

***

Эх…
Түнү-шүрүп, кайра өзүңдү сагынтып,
Экообүздү болуп турат алыстык.
Эмне болуп кетээр элем бир күнү,
Келип калсан сен эшиктен чакыртып…

Мен…
Тытып-тытып сүрөтүңдү жапжалгыз,
Өрттөгөндөй каттарыңды бир учур,
Билбес үчүн башка экенин жубайын.
Калаар белем түк эригис мөңгү- муз.

Же…
Бир жакшылык жасап өзүм-өзүмө.
Айрылуунун кусаматын бүткөрүп.
Кыздан бетер жеңил баг, ойсоке,
Кучагыңда кетер белем бүт күйүп…
16.04.1977ж.

***

Откорүп далай мезгил арабыздан,
Угаарсын, сага айтышар мен жөнүндө.
Турмуштун эң бир катал майданынан,
Мен жеңип, же жеңилип бергенимде

Омүрдүн күндөрүндө кусаланткан,
Эстесен өткөндөрдү унут калган,
Ойлоорсуң түпт эле билбегенге,
А кмге бир жылдыздай очпөй калган.

Дарексиз, кат-кабарсыз калсам бир күн,
Оо жаным, куру бекер бейтынч болбо!
Азгырып уйку бербей жүрөктөгүм,
Кайрадан алып чыгар ыйык жолго.

17.05.1077

Мазмуну

**Уул төрөгөн энелердин жүгү оор**
(Ыр түрмөк)

4. Эне-Шер
9. Уул урматы
10. Кыш элегиясы
11. Тилек
12. Жалгыз менден кеткенине кейибейм...
13. Алыстагы уулума
14. Бала деп кагам канатым
15. Асан кайгы
16. Уулум тапкан нан таттуу
17. Ак бата
18. Кечир, уулум
19. Тар бөлмөдө кыш өткөрүп келебиз
20. Ооруканада жазылган ыр
21. Ыр жазгым келет балама арнап
22. Өткөн доордун балдары
28. Мекенчил уулума
25. Уулдарыма насаат
26. Турмуш сабактары
28. Ырыскылуу эне болгон күн бакыт

**Арыба,жүрөк**
**(2011-2014)**

30. Арыба,жүрөк
31. Быйылкы кыш Ошто конуп, башкача
32. Сентябрь
33. Күзгү гүлдөр
34. Алыста самоо
35 ЭСЭМЭС
36. Сулуу таң
37. Элүү жетинчи кыш, элүү жетинчи жаз
38. Дарактын шуулусу
39. Бузулган уя
40. Жумшактык жеңери чын катуулукту
41. Ысык-Көлгө ода
42. Ысык-Көл түнү
43. Колжоолор
44. Келбеген кат
45. Аманат
46. Бишкек
47. Акын кыздар
48. Кышкы күтүү
49. "А" тамга
50. Жан дүйнөмө бекем кулпу салганмын
52. Кечиктиң
53. Поэзия
54. Шаркырама
56. Ностальгия
57. Гүл шаарым
58. Ак-Буура

59. Түшүмө кирбей жүрсөң

60. Оо бийик жамгырды мен эңседим көп

61. Кийиктүү Алайкем

62. Заман


**Чегинбе, Баткен**
**(ыр түрмөк)**


64. Чегинбе, Баткен!

65. Жол талаш

66. Гүл өрөөн

67. Чек ара

68. Бүркүт өлүмү


**Сыркеч жамгыр**
**(2001-2011)**


70. Сыркеч жамгыр

71. Сүйүүдөн бийик сезим бар

72. «Көп мончоктой көркөм эле Ош калаам…»

73. Ош пейиттери

74. Кабырганы кайыштырып Ошко кайттым

75. Мен

77. Бешиктин ичин тапкан эч жок

79. Кышкы ойлор

80. Санжамды эсен дагы сага рахмат

81. Чыңгыз Айтматовго

82. Жазгы кайрык

83. Турмуш өтү кылат экен адамынмаң

84. Күлгү маанай

85. Мен бүйүмүн

86. Каргыш

88. Көл жээгинде жаккан от

89. Сулайман-Тоодогу жаз

90. Арноо

91. Жалгыздык мага дептерим толо ыр болду

92. Кала берсин ортобуздa жолдоштук

93. Калемдештер

94. 50 жашыма

95. Ниет

96. Элегия

97. Ысык-Көл

98. "Кары кирсин каардуу кыштын бул кечи …"

99. М…га

100. Ыр сүйгөн мырзага


**Жамгыр тоодон башталат**
**(1980-2001)**


102. Туулган үй

104. Атама

105. Жолдо

106. Бир мүнөт

107. Колуңду берчи, жакшы адам!

108. Күз баяны

109. Сен жоктогу ыр

110. "Жылуу ойлор күз жолундөө биз жолуккан …"

111. "Сөздөрүңдөн келет күчүн илеби …"

112. Кечирүү

113. Күз элегиясы

111. Бакытка да бала кыял кардыңыз...
116. Эскерүү
117. Энеге
119. А.Ага
120. Сүйүүнү күтүү
121. "Сени күткөн дагы бир күн узады..."
123. Бизсиз
124. Бир күн
126. "Жолугуунун, коштошуунун ыры ушул..."
127. "Арзуу сөзүн муңдак угам кайдан ер..."
128. Келгин дагы, жүрөгүмө башың кой
129. Тойдогу кол ирмем
130. "Угарсың, сага айтышар мен жөнүндө..."
131. Буюлбады кездешүү
132. Жолукпадым
133. Жалгыздык
134. Биринчи кар.
135. Кечигүү
136. "Сезиң турам чыныңда, гана жүрөктү..."
137. Арман
138. Замандаш
139. Туулган жер
140. "Мен сени күтүп жүрөм ушул жазда..."
141. Назым Хикметке
142. Самио
143. Акын курбума
144. Сүйүүнү күтүү
145. "Мага өтө керек эле ушул сөздөр..."
146. Нете?
147. Келиниме
148. "Ырлар жазуу жалгыз дабам өндөнөт..."
149. Ыр азабы Мажнун кылып алдырат
150. Балалык
151. Шаар
152. Айылымдын тоосу
153. Он алты жаштык бала
154. Сен сөзө албас сагынычка чөмүлөм
155. Эстелик.
156. Прелюдия
157. Сен анда вино ичүүгө шашылбачы?
158. Сезимдерге жеңилдирип ...
159. Нике түнү
160. Жалгыз таң да мендей оор үшкүрөт

**Он сегиз жаш**
(1973-1980)

162. Сүйүү жөнүндө биринчи ыр
180. Мазмуну

*Зинакан Пасацова*

# *Арыба, Жүрөк*

*Башкы редактору: Маматибраим Жаныбеков*

*Тех. редактору Айнагүл Түгөлбаева*

*Компьютердик калыпка түшүргөн*
*жана мукабасын жасаган: Айдаров Урустам Усенович.*

Терүүгө 01.08.2014 – жылы берилди.
Басууга 25.08.2014 – жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х86 $^{1}/_{16}$. Нускасы -----
Көлөмү 11 басма табак. Офсеттик ыкма менен басылды.

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А.Мамыров көчөсү, 86/г
Эл.почта: kagaz_resurstary@bk.ru
Тел: (3222) 4-69-16



*Зинакан Пасанова Ош облусунун Алай районунун Мурдаш айылында мугалимдин үй - бүлөсүндө туулган. Атасы Пасаң Кочкорбаев Алай районундагы алгачкы мугалимдердин жана коммунисттердин муунунан болгон. "СССР дин эл агартуусунун отличниги" төш белгиси жана "Ардак белги" ордени менен сыйланган.*

*З.Пасаңова "Аял сыры" (1998), "Жамгыр тоодон башталат" (2001), "Кут түшкөн түндөр" (2006), "Беш жыл" (2008), "Академик Текенов" (2008), "Урушчаак каздар" (2008), "Сыркеч жамгыр" (2011) поэтикалык жана прозалык жыйнактардын автору.*

*"Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы" жана Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты.*

*Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар, журналисттер союздарынын мүчөсү.*

*З.Пасаңованын чыгармалары Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинин, Улуттук тил комиссиясынын, эл аралык Ага Хан фондунун, КРнын Аялдар конгрессинин адабий сынактарынын жеңүүчүсү болгон.*

*Журналистика жаатында КРнын өкмөтүнүн, Ош, Жалал-Абад шаардык мэрияларынын, Ош, Жалал - Абад облустук администрацияларынын "Алтын калем" сынактарынын жеңүүчүсү.*

*Учурда AKIpress-Ош маалымат агенттигинин Түштүк өкүлчүлүгүнүн жетекчиси болуп иштейт.*